ИМБДУнун Женевада 1996-жылы декабрда тузген жацы эки келишими кээ бир маселелерди чечууго багытталган чоц ийгилик болуп эсептелет. Келишимдерге кыйла белгилуу "маалымдоо маселесине" тиешелуу жоболор киргизилген. А тугул ушул эки келишим тузулгонге чейин эле АКШнын президенти Клинтон интеллектуалдык менчиктин объектилери жонундегу масели Улутгук маалыматтык инфраструктурага жиберуу учун маалыматтык инфраструктуранын жумушчу тобун тузгенде (бута екметтук 20 мекеменин екулдеру, анын ичинде автордук укук боюнча мекеменин екулдеру да кирген) АКШнын екмету талашып-тартышып турган (N11). 1995-жылы сентябрь айында жумушчу топтун "Интеллектуалдык менчик жана Улуттук маалыматтык инфраструктура ("White paper" - ак отчет деген ат менен белгилуу) аттуу корутунду отчету жарыяланган. Буга азыркы маалыматтык технологияга карата бир аз гана езгертуулерду талап кылган автордук укук боюнча "фундаменталдуу адекваттуу жана натыйжалуу" мыйзам киргизилген. Анда автордук укукту ишке ашыруу чон маселе экендиги, автордук укуктун ээлери ездерунун чыгармаларын мыйзамсыз пайдалануудан коргоо учун технологиялык каражатгарга ишениши керек экендиги белгиленген. Мыйзамда ошондой эле ошол эле айда Сенат менен Томенку Палатада башкалары менен катар эле технологиялык чаралардын жалган маалыматтары менен автордук-укуктук маалыматтык башкаруунун бутундугуне зыян келтирууЛеруне каршы эки сунуш кабыл алынгандыгы женунде эскертме берилген. Бул мыйзам анчалык

ийгиликтуу мыйзам боло алган жок, анткени провайдерлердин кызмат керсетуусунун ишенимдуулугу женундо маселе ал учурда чечилбей калган эле. Бирок ал ИМБДУнун жаны эки келишимин кабыл алуунун журушунде чечуу зарыл болгон ушул маселелерди талкуулоого мумкундук берди.

Келишимдерге жана алардын тушундурмелерунде автордук укук ээлери ездорунун чыгармаларын электрондук таратууну ишке ашырууда кеземелдео боюнча езгече укуктардан пайдаланышы керек экендиги керсетулет. Келишимдерде мучо-мамлекеттер пайдаланылуучу технологияны мыйзам бузууларга жол бербее учун коргошу керектиги жана маалыматтык башкаруу укуктарынын бутундугуне зыян келтируулерге тыюу салуу талап этилет, бирок аларда провайдерлердин кызматынын ишенимдуулук маселеси каралбайт. Ал эми ишти таратууда мыйзам бузуулар учун ким жоопкер болушу керек деген демейдеги маселе ар бир мамлекетгин улупук мыйзамдарынын жеке милдеттерине караштуу маселе бойдон калган.

1997-жылы келишимди ишке ашыруунун журушун кароо башталган, ошондой эле провайдерлердин кызмат корсетуу жоопкерчилиги боюнча маселени кароо сунуш этилген эле, анткени бул маселенин саясый жагы да бар эле. Ошол эле учурда АКШ "No Electronic Theft (NET) Act" интерактивдик режимдеги мыйзам бузуулар женунде 1997-жылы 16-декабрда мыйзам кабыл алган, бул кабыл алынган мыйзамда автордук укукту бузгандыгы учун кылмыш жоопкерчилиги кенейтилген. Бул Массачусет технологиялык институтунун (MIT) студента менен болгон окуяга карата биринчи жолу колдонулган. Ал студент кеп сандаган компьютердик программаларды Интернет аркылуу жиберип, автордук укук ээлерине олуттуу зыян келтирген болчу. Бирок маселенин татаалдыгы мында эле: колдонулуп жаткан мыйзамда автордук укук атайлап бузулганда жана ал коммерциялык пайда табуу максатында жасалганда гана кылмыш санкциясын колдонууга жол берилген. Ал эми студенттин ишмердигинде мындай максаттар болгон эмес, ошондуктан кылмыш жоопкерчилигин колдонуу учун мыйзам бузуу да болгон эмес.

NET Act мыйзамга автордук-укуктук коргоого керектуу, технологиялык толуктоолорго негизделген эки езгертуу киргизген. Мында ар бир елкенун технологиялык: шифровкалоо, маалыматтык башкаруу укугун адекваттуу коргоо, провайдерлердин кызмат керсетуу жоопкерчиликтерин чектее сыяктуу чараларга карата ар кандай бурмалоолорго каршы "адекваттуу укуктук коргоону жана натыйжалуу соттук-укуктук коргоо каражаттары менен камсыз кылуу талап этилет".

1998-жылы 28-октябрда ИМБДУнун келишимдерди ишке ашыруу боюнча Актысы деген ат менен колдонула баштаган мыйзам долбоору кабыл алынып, ал андан ары маалыматтык мин жылдыктын автордук укуктар боюнча Актысы делип (DMCA), андан ары ал мыйзам болуп калды.

DMCA - маалыматтык коомдогу маселелерди чечууге багытталган татаал мыйзам. Бул актынын эн маанилуу жоболорунда темондегулор камтылат:

/. ***Автордук укуктарга карата технологиялык толуктоолор***

ОМСАнын 1-белумунде автордук укуктарды бузууга каршы курешууге багытталган талаптар коюлат. Анда технологияга чыгуу-кеземелдее жана тех-

нологияны кечурмелее-коземелдее учурундагы бурмалоолордон укуктук коргоо караштырылган. Анда технология менен иштееде жана аны козомелдеодо, анын тузулушторун чыгарууда, импорттоодо же сатууда, же болбосо кызмат кврсотуудо мыйзам бузууларга тыюу салынат:

1. эгерде алар мыйзам бузууга арналса же мыйзамсыз чыгарылса;

2. атайлап мыйзам бузууну кездебегвн, бирок чектелген максаттарда пайдаланганда мыйзам бузулса;

3. укуктарды бузуу жолу менен пайдалануу учун сатылса.

Мыйзам долбоору пайдалануучулардын мыйзам бузуу актыларын коргоого багытталган эмес. Анын себеби пайдалануучулардын ак ниеттелуулугун эске алуу менен байланышкан. Автордук укуктун ээлери технологйяны пайдаланган учурда алар ездорунун чыгармаларын ак ниеттуу пайдаланууну камсыз кылуучу шифрленген блоктордо сакташына кызыкдар экендиктерин китепканалар менен билим беруу институтгары билдиришти. Эгерде автордук укуктун ээлери технологияга чыгармаларын кара ниеттуулук менен пайдалануудан сактаарына ишенишсе анда ага маалыматтык туйун аркылуу билдируу жана белгилуу лицензия алуу мумкунчулугу тузулмок жана анын чыгармаларын пайдаланууга жол ачылмак. Бул болсо оз учурунда пайдалануучулардын автордук укуктар женундегу мыйзамда каралган чектеелер менен айырмалоолорго ишеничин кетирет. Эмне учун дегенде чыгарманы пайдалануу учун абдан кеп алым телее керек болсо ал ак ниеттуулук менен пайдаланылаарына ишенууго болбойт.

Ошондой эле рынок кандай иштеши керек деген маселе талкууланды. Китепканалар маалыматтык мейкиндиктеги азыркы улгулер рынок чейросундогу структуранын езгорушуно алып келе турган болсо да аны сактап калууну каалашат. Алар "пайдалангандыгы учун акы телее" улгусуне каршы жана ал боюнча макулдашууга даяр, бирок эч убакта кайталап пайдалангандыгы учун телееге макул эмес.

АКШнын мыйзамдарында ак ниеттуу пайдалануу автордук укукту бузуудан, айталы, автордук укук ээлеринин ездерунун езгечо укуктарын мыйзамсыз ишке ашыруудан коргоо болуп эсептелет. Чындыгында болсо ак ниеттуу падалануу чыгарманы мыйзамсыз пайдалануудан коргоо болуп эсептелбейт. Эгерде кимдир биреe директорияга кол жазма уурдоо учун же кампага китеп уурдоо учун кирип, аларды уурдап чыгып, ак ниеттуу пайдаланган учурда да ал аны уурулук кылгандагы учун жоопкерчиликтен коргой албайт.

Автордук укук менен коргоолуучу чыгармаларды пайдалануу мумкунчулугу ЭМСАнын жоболору менен шартгалган, бул болсо пайдаланууну кезомелдоену, мисалы, эки жыл колдонулуучу пароль сыяктуулар татаалдаштырып жиберет жана ал мыйзамдардын таасирин баалоо максатында Автордук-укуктук ведомствого административдик нормаларды иштеп чыгып, аны ишке ашырууга милдеттендирет. Ведомство болсо чыгармалардын айрым кпасстарына карата айырмалоолорду караштыруу женундегу маселени карап чыгат. Мыйзамда коммуникация жана маалымат маселелери женунде коммерция боюнча жардамчыдан консультация алат. Ушул сыяктуу эле, Конгрестин китепканачысы, Автордук-укуктук ведомство мучосу болгон агентствонун башчысы чыгармалардын кайсы кпасстарына айырмалоолор берилер-берилбесин аныкташы керек.

DMCA ошондой эле кээ бирлери чыгарманы ак ниеттуу пайдаланууга тиешелуу болгон айырмалоолорду камтыйт, алар:

- коммерциялык эмес китепканалар менен билим беруучу институттардын чыгармаларды мыйзамдуу пайдаланууга укук алууну каалоосун аныктоо максатында аларды айырмалоо;
- компьютердик программаны ак ниеттуу пайдаланганда жана мыйзам боюнча да пайдаланууга жол берилуучу башка программалар менен оперативдуулукко жетишуу учун программалардын элементтерин жалгыз гана таанып билуу жана талдоо максатында пайдаланууга юридикалык укук алган адамдын мыйзам бузуусун болтурбоо учун технологиялык каражатгарды иштеп чыгууну айырмалоо;
- илимий изденууну ишке ашыруу максатында мыйзамдан четтоого мумкундук берген айырмалоо;
- компьютердин, компьютердик системанын же компьютердик туйундун коопсуздугуна карата тестирлоо жургузуу максатында алардын ээлеринин же оператордун уруксаты менен кеземелдеечу ченегичтерди пайдаланууга мумкундук беруучу айырмалоо.

Тузулушторго карата айырмалоонун эки туру бар. Бул ведомстволук мыйзамдарды ишке ашыруу боюнча ишмердиктерди ишке ашыруу учун жалпы айырмалоо. Буга кошумча мыйзамда Интернетгин материалдарына чыгууну болтурбоого багытталган тузулуштордун колдонулгандыгы женунде маселени сотто кароо караштырылган.

Маалыматтык башкарууга, пайдалануунун меонеттеру менен шарттарына, мындай маалыматтын номерлери менен белгилерин таанууга карата автордук укукту коргоо жагынан Кошмо Штаттар келишимдердин талаптарынан кыйла алдыга кетти. Бул жалац эле мындай маалыматтарды езгертуулерден, автордук укукту бузуу актыларына колдоо корсетууден же аларды жашыруудан коргоо болбостон, жалган маалыматтарды берууден коргоо да болуп эсептелет.

Мындай иш аракеттерди болтурбоо боюнча укуктук коргоо каражаттары граждандык жана кылмыш санкцияларын да камтыган. Граждандык акциялар боюнча соттор укуктук коргоонун акыйкаггуу калыс каражаттары менен, мисалы автордук укук, анын ичинде залал келтируулер боюнча мыйзамдарга окшош каражатгар менен камсыз кылууга укуктуу. Эгерде мыйзам бузуу атайын жасалбаса, эгерде мыйзам бузуучу бул иш-аракеттери мыйзам бузууга алып келерин билбестен жасагандыгын далилдей алса келтирилген зыян кечирилиши мумкун. Коммерциялык эмес китепканаларга, архивдерге, билим беруу институттарына келтирилуучу зыяндарды болтурбоо учун аларга тиешелуу учурларда атайын коргоо берилет.

Коммерциялык пайда табуу максатында атайлап жасалган кылмыштар учун айыптын елчему 500.000 $ же беш жыл турмеге камоо жазасы берилет. Коммерциялык эмес китепканаларга, архивдерге билим беруу институттарына кылмыш кинээси коюлбайт.

***2. Провайдерлердин кызмат корсвтуулвру учун жоопкерчиликтерди чектво***

Суйлешуу жургузгвн топ 1998-жылы март айында он, натыйжа бербеген талаш-таргыштардан кийин провайдердин озгочо укуктарын (1) ишке ашыруу боюнча корсоткон кызматтары учун жоопкерчиликтерин чектоо боюнча мыйзамдардын тармагында макулдашууга жетишкен, анткени туйундор автоматтык турдо иштеген учурда, жана ушул кызматтан пайдалануучулар менен кардарлар тарабынан мыйзам бузулган учурларда (2) жоопкерчиликтерди чектоо жоболору колдонулат.

Мыйзамдын жоболору абдан кенири жана так жазылган.

Бээрде "провайдерлердин кызматы" учун милдеттуу жоопкерчиликти алып салуу жана соттук тыюу салууга чек коюуга басым жасалган. Жоопкерчиликти чектоолор торг категорияга карата: 1) системанын же туйундун (ортодогу аралыкка беруучу же резиденттик эмес эске тутуучу) жардамы менен болуштуро турган же материалдарга чыгууга мумкундук берген беруулорго карата; 2) жогорку операгивдуу эске тутуу системасына карата; 3) туйундун системасындагы материалдарды сактоого карата; 4) кармоочу тузулуштор сыяктуу маалыматтык кошумча программаларды берууго карата колдонулат. 3-жана 4- категориянын мазмунунда провайдер корсотуучу кызматтардын тобунда жайгашкан web site материалын "байкоонун жана коруунун" жолжоболору баяндалган.

Автордук укукту коргоонун артыкчылыктарын провайдерлик кызмат корсетуу тармагында пайдалануу учун айрым иштерди жасоо керек, буга провайдерлик кызматтагы мыйзам бузуулар женунде билдирип туруучу агентти тандоо, web site материалына агент женунде айрым маалыматтарды жайгаштыруу, ошондой эле Автордук укуктардын ведомствосуна каттоодон еткоруу учун маалыматтарды беруу кирет (мындай маалыматты биздин web site http://icwed.loc.qov(copyright.) белумунен алууга болот).

Провайдердик кызмат керсетууну адекваттуу коргоо учун алар: I) кайталап мыйзам бузууну болтурбоо саясатын сакташы керек; 2) "стандарттык техникалык чараларга" (автордук укук ээлери ездерунун чыгармаларын таануу же коргоо учун колдонуучу стандарттык чаралар катары аныкталат) ыцгайлашуусу керек. Бул жоболор менен кенири таанышуу учун DMCA, с. 8-13 корутундусуна (summary) кайрылууга болот.

***3. Чектоолвр жана айырмалоолор***

Азыркы болгон чектеелор жана айырмалоолор женунде эмне айтууга болот? Алар маалыматтык мейкиндикте мындан ары натыйжалуу колдонулабы же жокпу? DMCAra азыркы чектеелерду езгертууге алып келген эки лицензия киргизилген жана аларга Автордук укуктардын ведомствосу дистанциялык маалыматтык билим берууге тиешелуу маселелерди карай тургандыгы белгиленген.

### *А. Лицензиялар*

Мамлекеттик лицензиялар ун жазууларын электрондук жол менен таратуу учун жана ун жазууларын маалыматтык беруу максатында еркундетуп, эфемердик (бир кундук) кечурмелерду алуу учун киргизилген.

### *Б. Коммерциялык эмес уюмдар менен архивдердин кочурмолвруно жана аларды таратууга карата чектоолор*

DMCA мыйзамынын 108-белумуно коммерциялык эмес китепканалар жана архивдер учун айырмалоолор киргизилген жана анын максаты маалыматтык технологияны ьщгайлаштырууга жана сактап калуу боюнча иштерди онуктуруу болгон DMCA мыйзамы кучуне киргенче 108-белумге ылайык мындай китепканалар чыгарманын женекей факсимилдик кечурмолерун ала алышкан. взгеруулер киргизилгенден кийин 108-белумге .ылайык учке чейин гана кочурме жасоого уруксат берилет, алар сактоо, жоголгондордун же уурдалгандардын ордуна коюу, китепканалар ортосундагы китеп алмашуу учун электрондук турде даярдалышы мумкун жана алардын электрондук нускаларын китепканадан тышкары жактарда таралышын болтурбоо жактары каралышы мумкун. Китептин форматын езгертуу маселесин чечуу китепкананын езуне ыйгарылган, эгерде мурдагы формат менен кечурме алуу учун кеп убакыт кете турган болсо, ал материалды жацы форматка которо алат.

### С. *Маалыматтык дистанттык билим берууге карата айырмалоолор*

Конгресс чечууге аракеттенип жаткан татаал маселелердин бири маалыматтык технологияны пайдаланып, дистанттык билим берууге карата автордук укук женундегу мыйзамды колдонуу болуп эсептелет. Маселе ушундай айырмалоолорду кабыл алуунун кереги барбы же жокпу же эгерде маалыматтык туйундердун жардамы менен билим берууге карата жаны айырмалоону тузуу керекпи деген маселеде турат. DMCAаа Автордук укук боюнча ведомствого ушул маселени карап чыгуу жана Конгресстин алдында 1999-жылдын 28-апрелиндеги сунуштар боюнча отчет беруу жоопкерчилиги тагылган. Бул отчет май айында жиберилип, Сенатта жана Эл вкулдер Палатасында угулган.

DMCA Автордук укук боюнча ведомствонун укук ээлеринин, коммерциялык эмес билим беруу институттары менен коммерциялык эмес китепканалардын екулдеру консультация еткеруусун, ошондой эле маалыматтык технологиянын жардамы менен, анын ичинде укуктар менен пайдалануучулардын кызыкчылыктарынын ортосунда тен салмактуулукту тузуу учун маалыматтык туйундер аркылуу дистанттык билим берууге кандайча кемек керсетуу женундегу сунушу менен Конгресске отчет беруусун караштырган.

Эми томендегу керсетмелер каралышы керек:

(а) автордук укук ээлеринин маалыматтык туйундер аркылуу дистанттык билим берууге карата езгече укуктарына айырмачылык беруу зарылчылыгы;

(б) айырмалоолорго ылайык дистанттык билим беруудо колдонулушу мумкун болгон чыгармалардын айрым белуктеруно сапатына жараша чектоолерду колдонуу;

(г) дистанттык билим беруу женундо айырмалоолорго ылайык дистанттык билим беруунун материалдарын алууга укук алышкан тараптар женунде;

(д) дистанттык билим беруу женундо айырмалоонун алгылыктуулугунун шарты катары автордук укук менен корголгон материалдарга тымызын чыгуудан коргоого карата технологиялык чаралар барбы, эгерде болсо аларды колдонууга болобу жана алардын кандай турлерун колдонууга болот?

(е) интерактивдуу маалыматтык туйундер аркылуу дистанттык окууда автордук укук менен корголуучу чыгармаларды пайдалануу боюнча иштелип жаткан лицензияларды айырмалоонун алгылыктуулугун аныктоодо каралып, эске алынышы;

(ж) башка ар кандай тиешелуу маселелер.

Биз Вашингтондо, Лос-Анжелесте, Калифорнияда, Чикагодо Жана Иллинойсто баяндамаларды уктук, Бостондо, Массачусетсте, Барлингтон Вермонтто жана Туз Кол шаарында жыйналыштарга катышып, оозеки турунде же жазуу жузунде берилген билдируулерге карата кептеген комментарийлерди алдык. Буга кошумча айрым адистештирилген маселелер боюнча чет елкелук эксперттерден кемек сурадык. Маалыматтык дистанттык билим берууну лицензиялоонун маселелери боюнча практикалык иштерди жана жалпы багыттарды изилдео учун консультант чакырылды, ошондой эле автордук укукту коргоонун технологиялык чараларынын статусун жана натыйжалуулугун баалоо учун маалыматтык технология тармагындагы эксперттер чакырылды.

Биздин отчетто дистанттык билим беруунун табияты айтылат, лицензиялоодогу чыныгы практикалык иштерди, анын ичинде дистанттык окутуунун материалдарын камдап берууге жана коргоого тиешелуу технологиянын милдеттери, маселелери, келечеги, ошондой эле статусу, дистанттык окутуу ишине ушул мыйзамды колдонууну талдоо жыйынтыктары баяндалат, жана биринчи жолу кызыкдар тараптардын пикирлерин бириктирген ушул мыйзам езгертулушу керекпи же жокпу, ушул маселе карапат.

Биз кээ бир езгертуулор ето керек деген жыйынтыкка келип, мыйзамга езгертуу киргизууну сунуш кылдык. Алардын айрымдары булар:

1. ишти аткаруу учун керектуу кошумча укуктарды киргизуу учун, б.а. керектуу технологиялык тармакта айырмалоо жолу менен уруксат берилген аткарууну уктуруу же керсотуу учун кайталап чыгаруу жана таратуу укугун кенейтуу учун колдонулуп жаткан айырмалоолордо камтылган укуктардын масштабын кенейтуу;
2. кунумдук чындыкты чагылдыруу зарылчылыгына айырмачылык беруу, бирок курстарда расмий окуган студенттер учун айырмалоолорго чек коюу;
3. айырмалоолорго ылайык уктуруу аяктаганга чейин кыйла кеп убакытка сактоо караштырылган ар бир убактылуу кечурмелер учун автордук укукту коргоону анын жаны туру катары киргизуу.

Башка сунуштар чыгармага тымызын чыгууну болтурбоо жана аны тымызын пайдаланууну кеземелдоо учун технологиялык чараларды колдонуу женундо болду. Бул отчеттун жыйынтыгынын кечурмесу тиркелет, ал эми отчеттун комплектелген кечурмесун биздин "web site'^eH алууга болот.

### *4. Кайталап чыгаруунун масштабы: Убактылуу квчурмвлврдун статусу*

Эгерде чыгарманы бир компьютерден башка компьютерге которгондо бул кайталап чыгаруу укугун билдиреби деген суроо туулат. Келишимдин мазмунунда бул абдан талаш тема эле. Бул женунде консенсуска келе алган жокпуз, демек, келишимдин бир да жобосу Берн конвенциясынын 9-статьясынын маанисине дал келтирилген эмес жана ушунун негизиндеги айырмалоолор маалыматтык мейкиндикте толугу менен колдонулууда, ал эми корголуучу чыгармалардын электрондук формадагы эске туткучу 9-статьяга ылайык кайталап чыгарууга мумкундук берет.

АКШда автордук укук женунде мыйзамга ылайык, эгерде чыгарманы алуучунун компьютеринде эске тутуучу тузулуште езунон езу сакталып калуучу чыгарманын кечурмесу автоматтуу турде сакталып калса (RAM), бул "кечурмо" болуп аталабы деген маселе кетерулуп, анын жообу ушул "кечурмоге" келип такалган. Соттор муну кечурмо деп чечишкен. Бул кочурмелердун кепчулугу мыйзамсыз деп эсептелбей, ак ниеттуу пайдалануу деп эсептелсе дагы DMCA КАМдагы ушул убактылуу (чыныгы) кочурмелер автордук-укуктук мыйзам менен тейленеерин ырастайт. Мисалы, компьютердик атаандашууну ишке ашыруу женундегу Актынын 3-белуму боюнча автордук укук женундегу мыйзамдын 117-белуму, укук ээсине же машинаны ижарага алган адамга компьютердик программанын кечурмелерун алууга (же ага уруксат беруугo) мумкундук беруу учун езгертулген (эгерде кечурмелер кобойтуп алуу же калыбына келтируу максатында машинаны активациялоо жолу менен алына турган болсо). Эгерде ИАМдын кечурмелеру кайталап чыгаруу укугун сактоо менен алынса мындай айырмалоолордун зарылчылыгы деле болбой калат.

Ошондой эле провайдердин "маалыматтарды беруу туйунунде" кызмат керсетуу жоопкерчилиги женунде жобого карата айырмалоолор "ушул маалыматтарды беруу учурунда жасалган убактылуу кечурмелерду" жана беруунун журушунде материалдарды убактылуу сактоону, белуштурууну же байланыш менен камсыз кылууну камтыйт.

Мыйзамга ушул езгертуулер киргизилгени менен кайталап чыгаруу укугунун масштабына жана убактылуу кечурмелерду чыгарууга карата талаш-тартыштар уланууда.

### 5. *Маалыматтык мейкиндикте ак ниеттуу пайдалануунун масштабы*

Маалыматтык мейкиндикте материалды ак ниеттуу пайдалануу женундо карама-каршылыктуу, жанылыш пикирлер кеп айтылууда. Ак ниеттуу пайдалануунун мыйзамдуу тили технологиялык жактан нейтралдуу болсо да жана мыйзамга езгертуу киргизуунун зарылчылыгы жок болсо да ага кээ бир озгертуулерду киргизуу орундуу болмок. Автордук укук боюнча ве-

домство муну мыйзамдардын тарыхынын жардамы менен ишке ашырууга болот деп эсептейт, анткени тарых ак ниеттуу пайдаланууну маалыматтык мейкиндикгеги ишмердикте колдонуугa болорун ырастайт жана ак ниетгуу пайдалануу катары эсептеоге боло турган кээ бир маалыматтык пайдалануулардын мисалдарын келтире алат.

Ак ниеттуу пайдаланууну талдоо максатында "жеке" жана "коммерциялык эмес" деген тушунуктер ар кандайча чечмелениши керекпи деген кошумча маселе пайда болуп, бирок ал ОМСАда каралганда талкууланган эмес.

Традициялык технологияны эмес жеке пайдалануунун табияты ак ниеттуу пайдалануунун талаптарына коркунуч келтирет. Автордук укук менен корголуучу чыгарманы адам компьютердик жол менен уйде пайдалануусу чыгарманы иштетуунун алгачкы жолу болуп калышы ыктымал болгондуктан анын экономикалык таасириндеги айырмачылыктар ак ниеттуу пайдалануунун балансын аныктоо учурунда ар кандай келишимдер менен негизделиши мумкун.

***6. Аягына чыкпаган бизнес:***
***Маалыматтар базасындагы инвестицияларды коргоо***

Маалыматтар базасы же "жыйнактар" АКШда автордук укук женундо эц биринчи актыдан баштап эле автордук укук менен коргоого алынган. Биздин соттук органдар автордук укук женундегу мыйзамды компиляцияларга (жыйнактарга) карата гана колдонгондуктан, автордук укукту коргоо боюнча алгылыктуу эки пикир пайда болду. Анын бири "sweat of the brow" (шайыц оогончо иштее) деген ат менен белгилуу, бул болсо автордук-укуктук коргоонун негизинде иштешкен тузуучу менен инвесторлорду билдирет. Экинчиси он тогузунчу кылымда жана жыйырманчы кылымдын башында колдонулгандардан алынып, автордун жалпы чыгармага автордук табиятын изилдооге арналган жана автордук коргоонун негизи болгон материалды тандоодо жана даярдоодо тузуучунун чыгармачылык жендемдуулугу менен акыл калчагычтыгын талдайт. Автордук укук женунде 1976-жылдагы мыйзамга адегенде "компиляция" (тузуу) аныктамасы киргизилип, анда материалды алгачкы тандоо, координациялоо жана аны иштеп чыгуу талап кылынган. Бул аныктамага карабастан кээ бир соттор компиляцияга карата "шайын кеткенче иште" принцибин колдонуп журушет. 1991-жылы АКШнын Жогорку соту Айыл жериндеги телефондук кызмат жанылыктарынын жарыялоосу боюнча "шайын оогончо иште" доктринасын жургузууден баш тарткан. Компиляцияны автордук укук менен коргоо учун ал тандоодо чыгармачылык жактан алгылыктуулугу, координациялангандыгы жана жакшы тузулгендугу менен айырмаланып турушу керек. Сот ошондой эле компиляцияны коргоонун масштабы ете "кууш" деп аныктады, анткени ал тандоонун, координациялоонун (макулдашуунун) же даярдоонун алгачкы этаптарын гана камтыйт.

Автордук укук боюнча ведомство 1997-жылы Сенаттын сот комитетинин торагасы сенатор Хэтчтин суроо-талабы боюнча маалыматтар базасын укуктук жактан коргоону изилдое системасын даярдаган. (Бул изилдее биздин "web site"re жиберилген. Муну болсо Европалык Кецештин (ЕК) маалы-

матгар базасы женунде Директивага жана ИМБДУ cynyiu кылган келишимгс жоо катары кароого да болот, ал эми бул келишим ЕКтин директивасына окшоп кетип, маалыматтар базасына ар кандай формадагы коргоону берет. Мындай коргоонун объектиси ИМБДУнун кун тартибинде турат жана ИМБДУнун секретариатына маалыматтар базасынын экономикалык таасирин карап чыгуу милдети ыйгарылган. Билим бсрууге, илимге, илим изилдее топторундагы маалымагтарга чыгууга автордук укукту коргоо тескери таасир бериши мумкун деген маселеге коптоген елкелор кенул бура башташты.

Маалыматтар базасынын инвестициясын коргоо жонунде мыйзам долбоору Эл вкулдор Жыйналышына 1996, 1997, 1999-жылы, Сенатка 1998-жылы берилген. Эл вкулдор Палатасы мыйзам долбоорун 1998-жылы эки жолу бекитип, аны РМСАдагы озунун версиясына киргизген. Сенатта аны 1998-жылдын июлуна чейин кароо учун аракст болгон эмес, андан кийин аны кароо учун жылыштар болгону менен макулдашууга жетишуу болбой калган. Бул жагынан алып Караганда Эл вкулдер Палатасында эки мыйзам долбоору турат. Биринчиси - H.R 354 Каракчылыкка. каршы маалымат чогултуу жонунде Акт юридикалык комитет тарабынан тузулгон, экинчиси - H.R 1858 Пайдалануучулар менен инвесторлордун маалыматка чыгышы женундо акт. Бул мыйзам долбоорлору башкалардан укуктук коргоонун масштабы жана каражаттары боюнча айырмаланышат. Эки комитеттин кызматчыларынын ортосунда консенсуска жетишуу мумкунчулугу жонунде кенешмелер еткорулгон.

Автордук-укуктук ведомство базанын маалыматтарын кебейтууге жана таратууга карата укуктук коргоону сактап калуу зарылчылыгын колдойт, анткени алар элекгрондук коммерцияны енуктуруунун компоненти катары жана илимий, билим беруу жана технологиялык профессти колдоо каражаты катары АКШнын экономикасы менен маданияты учун чон мааниге ээ.

Мезгили келгенде жацы маселелер пайда болот. Мыйзамдар болсо технология тармагында узгултуксуз еркундетулуп турушу зарыл. Автордук-укуктук мыйзамдарды жацы технологияга ыцгайлаштыруу маселеси мурдагыдай эле ар дайым болуп турат, ал мыйзамдар болсо АКШнын жана буткул дуйненун негизги мыйзамдары менен ыцгайлашуусу керек. Мыйзамдарды ыцгайлаштыруу ар дайым койгойлуу маселс бойдон калат. Биз болсок ушул маселени кыйла алгылыктуу чечуу учун биргелишип иштешибиз керек. Аны чечуу пайдалануучулардын кызыкчылыгына гана эмес, автордук-укуктук баалуулуктарга да кызмат кылышы керек.

;ти-
сын
)из-
лы-

# АВТОРДУК УКУК МЕНЕН ЧЕКТЕШ УКУКТАРДЫ ЕВРОПАЛЫК СОЮЗДА ГАРМОНИЗАЦИЯЛОО

*У. **Шофиш** - юстиция министрлигинин Автордук укук боюнча Укук болумунун башчысы*

## I

Автордук-укуктук мыйзамдар коптогон жылдар бою озуно анча кенул бурдурган эмес. Акыркы жылдары ага олуттуу конул бурула баштады жана ал турмушта маанилуу орун ээлей баштады. Бул техникалык ыкчам онугуу учун пайдаланылышы мумкун жана ал ушул процесстин улантыла берерин далилдейт.

Жаны техникалык колдонмолор экономикалык онугууго алып келген сыяктуу эле аларга автордук-укуктук мыйзамдарды ынгайлаштыруу зарылчылыгына алып келди. Мисалы, Интернет автордук укук боюнча мыйзамдардын алдына бир гана маанилуу созду эстетип, жаны милдеттерди койду. Дагы бир башка мыйзам салт болуп калган тасмаларды толугу менен алмаштырган компакт дискаларды эске салышы мумкун. Компакт дискалар убакыттын отконуно карабастан жазууларга окшоп эскирип кетпейт. Алар канча жолу ойнолсо да сапатын жоготпойт. Бул ©нор жайында жацы тармак - компакт дисканы прокатка беруу тармагынын пайда болушуна алып келди. Кароого коюлуп жаткан маселс автордук укук боюнча мындай прокат мыйзам тарабынан чечилип жатабы деген маселе менен байланышкан, ал эми прокат болсо компакт дискаларды чыгаруучуларга да, артисттерге да пайда алып келбейт. Бул соодапоо жана прокат боюнча мыйзамдарды кайрадан карап чыгууга, ошондой эле Европа Союзунун (ЕС) денгелинде прокатка бсрууго карата укук боюнча директиваны кайрадан карап чыгууга алып келди. (Мындай укуктук озгортуулордон кийин компакт дисканы прокатка берууиу иш жузундо жоюуга туура келет).

Корголуучу чыгармаларды кайрадан чьпарууну, болуштуруууну жонокойлетуучу жаны жазуучу каражаттар бар, мисалы, компьютердик жана катуу дискалар. Корголуучу чыгармалардын мазмунун эл аралык жайылтууну эч кандай тоскоолдуксуз ишке ашырууга болот. Кабелдин жана спутниктин жардамы менен жайылтуу мумкун болгондуктан чыгармалардын мазмунун пайдалануучулардын копчулугу азыр мурдагыга **Караганда** кыйла женил алалат. Ошондой болсо да бул маселе адабий чыгармаларды, музыканы же корком сурот чыгармаларын коргоодой эле татаал болуп эсептелет. Компьютердик программалар менен маалыматтар базасын тузуу маселеси каралганда да, жогоруда аталган чыгармалар автордук укук менен корголушу керекпи деген маселе коюлган учурларда да ушундай татаалдыктар болот.

Мыйзамдардын ушул тармагынын маанисинин осушу Европалык Союзду жандануугa алып келди. Автордук-укуктук мыйзамдар менен чектеш укуктарга тиешелуу жоболорду болуп салуу ички рыноктун иштешине терс таасир тийгизиши мумкун, бул болсо ЕС келишиминин 100а-статьясынын негизинде жогоруда аталган мыйзамдарды гармонизациялоо зарылчылыгын

пайда кылат. Он жыл мурда Европалык Союздун комиссиясы "Автордук укук жана технологиянын татаал маселелери боюнча документ" кабыл алган - мында автордук укук маселелери токтоосуз чечилиши керек деп айтылган. ((COM 88) 172, 1988-жыл, 23-август). Комиссия андан ары автордук укук боюнча мыйзамдардын ар кандай тармактарындагы гармонизацияланууну тармактарды аныктаган. Ошол учурдан баштап беш директива кучуне кирген. Башка эки сунуш алигече каралып жатат.

Теменде азыркыга чейин кучунде турган директивалар берилет:

- Кенештин компьютердик программаларды укуктук коргоо женундо 1991-жылдын 14-майындагы 91/20/EEC директивасы;
- Кенештин прокатка жана насыя беруу укуктарына жана интеллектуалдык менчик тармагындагы автордук укукка тийиштуу айрым укуктарга карата 1992-жылдын 19-ноябрындагы 92/100/EEC директивасы;
- Кенештин спутниктик берууго, кабелдик трансляциялоого карата колдонулуучу автордук жана чектеш укуктар боюнча айрым жоболорду координациялоо женундо 1993-жылдын 27-сентябрындагы 93/83/EEC директивасы;
- Кенештин автордук укуктар менен айрым чектеш укуктарды коргонун меенетун гармонизациялоочу 1993-жылдын 29-октябрындагы 93/98/EEC директивасы;
- маалыматтар базасын укуктук коргоо боюнча Европалык Парламент менен Кенештин 1996-жылдын 11-мартындагы 96/9/EC директивасы.

Теменде каралып жаткан сунуштар берилет:

- Европалык Парламент учун ондолган сунуш жана Кенештин искусство чыгармасынын туп нускасынын авторунун артыкчылыгы учун ез укугунан баш тартуу укугуна карата директивасы;
- Европалык Парламенттин сунушу жана Кенештин Маалыматтык коомдогу автордук укук менен чектеш укуктардын айрым аспектилерин гармонизациялоо боюнча директивасы.

Беш директива он жылдай убактан бери жана эки сунуш азырынча кароо стадиясында турат - бул болсо автордук укук боюнча мыйзамдар акыркы жылдары зор езгеруулердун себеби болгондугунун фактысын жана ал андан ары езгеруулерге багыт аларын билдирет; Европалык денгелде мыйзамдар канчалык маанилуу экендиги тушунукгуу - мурда айтылгандай, мыйзамдарда акыркы жылдардагы техникалык ачылыштар эске алынат. Ар бир муче-мамлекетте езгертуу киргизуунун зарылчылыгы женунде койгон же кое турган сунуштары ар бир конкретгуу учурда ар башкача болот. Ар бир муче-мамлекетте ЕСтин мыйзамдарына кыйла дал келген же азыраак дал келген, ездештурулген же келечекте ездештуруле турган ездерунун улуттук мыйзамдары бар.

Мен андан ары талаш-тартышка алынган жекече директивалар менен сунуштарга кыйла кенири токтолгум келет.

***/. Кецештин компьютердик программаларды укуктук коргоо жонундо 1991-жылдын 14-майындагы 91/250/ЕЕС директивасы***

Европалык Союздун автордук укук боюнча мыйзамдар тармагындагы биринчи директивасы чектелген, бирок техникалык жактан татаал тармак ме-

нен байланышкан: ал компьютердик программаларды укуктук коргоону гармониялаштырууга арналган. Компьютердик программаларды коргоо бардык мучо-мамлекеттерде жолго коюлган эмес. Бирок автордук коргоону талап кылган мындай программаларды иштеп чыгуу учун кыйла коп адам, техникалык жана финансалык ресурстар талап этилет. Компьютердик программалар иш жузундо онор жайы менен коммерцияда чон мааниге ээ экендиги айтпаса да тушунуктуу.

## *Жекече статьялар женунде:*

### *1-статья*

1-статьяда, Берн Конвенциясында айтылгандай, компьютердик программалар биринчи иретге адабий чыгарма катары эсептелиши керек деген чекте каралышы керек. Директива компьютердик программа адабий чыгарманын бардык муноздомолорун чагылдырат деген коз карашка негизденет: ал адамдардын жондемдуулуктору менен жумшаган эмгектеринин натыйжасында пайда болгон бир топ идеялардын лингвистикалык чагылдырылышы болот деп эсептейт. Башка чыгармалар сыяктуу компьютердик программалар да, эгерде алар автордук интеллектуалдык чыгармачылыгынын жыйынтыгы катары озунчо чыгарма болуп саналганда гана, коргоого алынат. Бирок директива "компьютердик программа" аталмасынын аныктамасын толук сунуш кылуудан алые. Бирок 7-декларативдик болукто "ар кандай формадагы" программа буларга киргизилиши керек деп айтылат. Программанын негизинде жаткан идеялар менен жол-жоболор коргоого алынбайт. Башкача айтканда автордук укук боюнча мыйзамдар идеялардын озун эмес алардын чагылдырылган формаларын гана коргоого алат.

### *2-статья*

Программаны тузгон жеке адам 2-статьяга ылайык программанын автору болуп эсептелет. Юридикалык тараптар да мучо-мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык автор деп эсептелиши мумкун. Эгерде бир канча адам биргелешкен авторлор болушеа мындай адамдар биргелешкен укуктарга ээ болушат. Эгерде программа келишимдик негизде ишке жалдануу чегинде тузулсо, жумуш беруучу менчик укугун ишке ашыруу укугуна, б.а. эксплуатациялоо (иштетуу) укугуна ээ болот; бул болсо макулдашууда корсотулушу мумкун (3-параграф).

### *3-статья*

3-статьяда бенефициарлардын укуктары улуттук мыйзамдарда коргоого алынышы керек экендиги такталат. Эгерде жеке адамдын адабий чыгармасын коргоо анын жашаган жерине же граждандыгына жараша бериле турган болсо же мучо-мамлекет автордук укукту чыгарманын муче-мамлекеттин аймагында биринчи жарыялангандыгына байланыштуу камсыз кылса, бул мыйзам компьютердик программаларга карата да колдонулат. Ошону менен бирге ком-

пьютердик программалар адабий чыгарма катары корголо тургандыктан (1-статьянын 1-параграфы) бул 3-статьяда укук беруу учун алына тургандыгын гана эскертет жана баардыгы чогуу адабий чыгарма катары каралат.

***4-статья***

Бул жобо компьютердик программалардын авторлорунун езгоче укуктарына кобуроек байланыштуу. Аларды кайталап чыгарууга туруктуу же убактылуу уруксат беруу укук ээсинин укугуна жатат: кайталап чыгарууга мындай уруксатгарды укук ээси гана бере алат. Ушуга байланыштуу компьютердик программаларды пайдаланууда аларды техникалык себептерге байланыштуу узгултуксуз кайталап чыгаруунун зарылчылыгы жок экендигине конул бурушубуз керек. Мындай турдегу кайталап чыгаруу конвенцияга байланыштуу кез караштан алып Караганда кайталап чыгаруу болуп эсептелбейт. Бирок ушул сыяктуу убактылуу кайталап чыгаруу учун да езгоче укук ээсинин уруксаты талап этилет.

Бул жобо ошондой эле котормолор менен иштеп чыгуулар учун да, ошондой эле уруксат алуудан кийин кайталап чыгарылган нускалар учун да колдонулат. Ошондой эле буга кошумча турде программаны езгертуучу кишилер учун да укуктар болот, мындай кишилер вздеру автордук укук ээси боло алышат. Озгече укук белуштуруу боюнча аракеттерге карата да колдонулат. Белуштурууге карата укуктун жол-жоболору Биримдиктин чегинде токтотулган. Ал эми прокатка карата езгоче укук токтотула элек. Прокат маселеси чечилиши керек жана ал Биримдиктин чегинде сатылган кечурмолерго карата колдонулушу керек.

***5-статья***

5-статьяда чектеелер каралган. Программаны болжолдуу максаттарга ылайык пайдаланууга карата накта келишимдик жоболор болбогон учурда да, керек болсо автордун уруксатын алуу учун авторлор учун каралган 4(а) жана (б)-статьяларына таянышат. Бул болсо "мыйзамдуу укук мураскери" учун артыкчылыктуу укук болуп эсептелет - мунун езу пайдалануучу программаны сатып алгандыгына же лицензия алгандыгына, б.а. укук ээсинин уруксатын алгандыгына байланыштуу укук алгандыгын билдирет.

2-параграфка ылайык кошумча кечурмолерду чыгаруу келишимде каралбашы ыктымал. Бул жерде ушул кечурмену "мындай падалануу учун керек" деген так эмес тушунук бар. Программаны пайдалануу учун кошумча кечурменун зарылчылыгы жок, анткени кошумча кечурме да укук мураскери учун коргоону караштырат. Ошентип, бул шарт сезме-сез чечмеленбейт, эгерде кочурме пайдалануу учун керек болсо. бул ошол кошумча кечурмелерду гана туюндурат.

3-параграфтын максаты программаны сатып алган адам келишимде эскертилген шарттардын масштабынын чегинде гана иш жургузушуне кепилдикти камсыз кылуу болуп эсептелет жана ал ушуга гана арналган. Ал эми программанын идеясы жана ал негизденген жол-жосундар дегеле эске алынбайт. Анткени бул идеялар менен жол-жосундардын оздору коргоого алынган

эмес (1-статья, 2-параграф), ошондуктан буларды билуу маселесин чечууго мумкун эмес, экинчиден укук мураскери лицензиялык келишимдин шарттарын аткарууга милдеттуу, ал эми коюлушу мумкун болгон ушу маселе 1- жана 2-параграфтарга киргизилген.

***6-статья***

6-статья "Декомпиляция" деп аталат. Декомпиляция айрым программаларды кайтадан программалаштыруу тилине которуу дегенди билдирет. Мындай которуу - же болбосо декомпиляция компьютердик системалардын ез ара байланышуусу менен бири-бирине оперативдуу дал келуусуне жетишуу учун керек. Программа чыгаруучулар жана аппарат менен камсыз кылуучулар оздорунун системаларынын башка программа чыгаруучулардын системалары менен дал келишине кызыкдар. Бул пайдалануучулардын кызыкчылыктарына да дал келет. Буга карата 22-декларациялык баяндоодо: "Алдыга коюлган максатгарды эске алып, компьютердик системанын баардык компоненттеринин, анын ичинде ар кандай ондуруучулердун биргелишип иштоосу учун аларды кошууга мумкунчулук тузуу керек", - деп айтылат.

6-статьяда кайталап чыгаруу боюнча айрым иш-аракеттерге карата укук ээсинин уруксатын албай туруп декомпиляцияны ишке ашыруунун мумкунчулуктору каралат, эгерде анын алгачкы шарттары ушул параграфта такталган болсо, 2-параграфта декомпиляция аркылуу алынган маалымат системалардын оз ара байланыштуулугуна жетишуу максатгарын коздобогон башка максаттар учун пайдаланылышын болтурбоо каралган. Атап айтканда аны ушул мазмундагы программаны чыгаруу учун жана аны башкаларга беруу учун колдонууга мумкун эмес. 3-параграфта эгерде бул жобо укук ээсинин мыйзамдуу кызыкчылыктарына залал келтире турган болсо же чыгарманы кадыресе пайдаланууга каршы келсе, аны ушул турундо пайдаланууга болбой тургандыгы такталган.

***7-статья***

7-ста<sup>г</sup>гьяда мучо-мамлекеттер компьютердик программаларга карата автордук укукту бузууга каршы чара коруугe мумкунчулук бере турган жоболорду тузууго милдеттендирилет. Улуттук мыйзамдарда компьютердик программаларды коргоо учун колдонулуучу техникалык тузулушторду коммерциялык максаттарда колдонуу учун таркатууга же аларга ээ болууга каршы же кайсы бир техникалык тузулушторду бузууга, алдоого каршы иш-аракеттерди коруу мумкунчулуктору каралышы зарыл (1-параграф (с)). Мучо-мамлекеттер мындай тузулушторду конфискациялап алууну караштырышы керек (3-Параграф).! Алар ошондой эле жасалма кочурмолорду конфискациялоону караштырышы керек (2-параграф).

8-статья коргоонун жокко чыгарылып калган моонотгоруио тиешелуу (93/98/ЕСС директивасынын 11-статьясынын 1-параграфы менен жокко чыгарылат; бул жонундо артта соз болот).

9-статьяда башка укуктук жоболор, б.а. колдонулуп жаткан патенттерге же товардык белгилерге карата иштетилбей келе жаткан укуктарга тиешелуу

жоболор такташтырылат. Бирок 6-статьянын же 5(2), (3)-статьялардын келишимдерге тиешелуу жоболорунун юридикалык кучу жок.

### *2. Кецештин прокатка жана насыя алууга тиешелуу укуктар, интеллектуалдык менчик тармагындагы автордук укукка тиешелуу айрым укуктар боюнча 1992-жылдын 19-ноябрындагы 92/100/ЕЕС директивасы*

Интеллектуалдык менчик тармагындагы автордук укукка тиешелуу прокатка алуу же насыя алуу боюнча укуктарга карата Кенештин 1992-жылдын 19-ноябрындагы 92/100/ЕЕС директивасынын натыйжасында жогоруда аталган объектилерди прокатка алуу жана насыя алуу маселесинин олуттуу болуп бараткандыгы, атап айтканда автордук укуктун объктилери менен чектеш укуктардын объектилеринин негизи болгон фонограммаларга карата ар кандай баштапкы позициялары менен бирдикте прокатка алуу же насыя алуу укуктарын, ошондой эле маанилуу озгечо укуктарды мучо-мамлекеттерде гармонизациялоо зарылчылыгын пайда кылды.

1- ден 5-ге чейинки статьяларда (1-болум) прокатка алуу жана насыя алуу боюнча жаны укуктар женге салынат, ал эми бдан Юго чейинки статьяларда (11-болум) автордук укуктарга (аткаруучулардын, фонограмма, фильм чыгаруучулардын, телерадио уктуруучу уюмдардын укуктарына) тиешелуу укуктар жонге салынат. Алар мындан ары отмо жана жыйынтыктоочу жоболорду камтыган статьяларда берилген.

## *Жекече статьялар*

### *1-статья*

Мучо-мамлекеттер 1-статьяга ылайык туп нуска менен кочурмелорго карата прокатка жана насыя алууга озгочо укуктарды берууго милдеттенишет. "Прокат" жана "насыя алуу" агалмалары 2- жана 3-параграфтарда аныкталган. Директиванын чегинде буга карата жасалган шилтемеде бул аларды белгиленген мооноттун ичинде пайдаланууну жана коммерциялык эмес максатта структуралар аркылуу коомчулук эркин пайдалана алгандай колдонууну билдирет. Бул китепканаларга тиешелуу. Бул аныктама жекече насыя алууга карата колдонулбайт. 4-параграфта прокатка алуу укугу сатуу же болуштуруу боюнча гана иш-аракеттер менен чектелбей тургандыгы каралган. Мына ошентип укук ээси туп нусканы же чыгарылган кочурмолорду саткандан кийин да аларды сатуу, прокатка беруу же насыя беруу маселелерин чечуу укугун айырмалоолорду эске алып, сактап кала берет.

### *2-статья*

Укук ээлеринин контингента жонундо 2-статьяда берилген. Бул статьяга ылайык озгочо укуктар чыгарманын авторуна бёрилет, ошондой эле мындай укук аткарууларынын жазууларына карата аткаруучуларга, фонограмма чыгаруучуларга алардын фонограммаларына карата жана фильмдердин туп нуска-

лары менен алардын кечурмелеруне карата фильмдин биринчи жазуусун чыгаргандарга берилет.

5, 6-жана 7-параграфтын жоболорунда аткаруучулар менен фильм чыгаргандардын кызыкчылыктарындагы карама-каршылыктарды жоюуга аракет жасалган. 5-параграфка ылайык эгерде аткаруучу шек санай турган болсо ал езунун прокатка беруу укугун фильм чыгаруучу менен тузген келишимде ага беруусуно жол берилет. 6-параграфка ылайык муче-мамлекеттер авторлорго карата ушуга окшош жоболорду караштыра алышат. 7-параграфта муче-мамлекеттерге жогоруда аталган жоболордун нормаларынан томондегуго карата четтееге мумкунчулук берилет. Атап айтканда муче-мамлекеттер тузулген келишимде прокатка бергендиги учун сый акынын тен белуштурулушу каралган учурда гана прокатка берууго уруксат беришет. Бул жобо (7-параграф) француз моделине негизделген. Жыйынтыгында келип, муче-мамлекеттер 5-параграфта айтылган жоболорду колдонууну узартууга жана директиванын II белумунде гармониялашкан укуктарды 19-баяндамада керсетулгендей узартууга уруксат бере алышат. Бул жоболор абдан маанилуу болгондуктан келишимге киргизилиши керек. Бул ишке аралашкан адамдардын ортосунда тузулген келишимдерде шектенуу учун себеп болбошу учун жоболорду ийкемдуу пайдалануу жактары каралган.

3-статьяда компьютердик программаларды прокатка берууге карата атайын жоболор башка директиваларда иштееге жендомсуз болуп калгандыгы, ошондуктан ушул директива башкалардан артыкчылыктуу экендиги такталат.

### *4-статья*

Бул статьяда автор менен аткаруучунун позициялары бекемделет. Фонограммага, туп нускага же фильмдин кечурмелоруне карата прокатка беруу укугу фонограмма же фильм чыгаруучуга берилген учурда деле прокат учун аткаруучунун сый акыны тен алуу укугу сакталып калат жана ал бул укуктан ажыратылбайт (2-параграф). 2- жана 3-параграфта укуктарды жамааттык башкаруу боюнча коомдун сый акыны тен белуштуруу укуктарына тиешелуу.

Иш жузунде фонограмманы прокатка алуу, кириш сезде айтылгандай, азыркы мезгилде жокко эсе. Фонограмма чыгаруучулар фонограммаларын прокатка берууге уруксаат беришпейт, анткени мындай прокат алардын бизнесине ете чон залал келтириши мумкун. Бирок, видеофильмдер прокатка берилип келе жатат. Прокатка алган адамдар прокатка беруу укугу. фильмди чыгаруучуга тиешелуу болгон кунде да сый акыны авторго да аткаруучуга да тен толоеге милдеттуу.

### *5-статья*

5-статьяда муче-мамлекеттерге коомдук насыя алууга карата айырмачылыктарды кароонун, б.а. коомчулук пайдалануучу китепканаларга артыкчылыктарды беруунун мумкунчулуктеру каралган. Бирок анын негизги шарты-авторлорго мындай насыя учун сый акы телее мумкунчулугу каралышы керек (1-параграф).

2-параграфка ылайык мучо-мамлскcттерге фонограммаларды, фильмдер менен ЭЭМ профаммаларын насыя беруу учурунда директивада чечмеленген чекте езгечо укуктарды колдонбой коюуга мумкунчулук берилет. Эгерде муче-мамлекеттер ушул мумкунчулукту колдонгон учурда автордук сый акыны созсуз караштырышы керек.

1-жана 2-параграфтар 1-статьянын 4-параграфынын жоболоруна окшош жана 4-параграфка ылайык насыя алуу укугу toктотулбайт. 5-статьянын 1-жана 2-параграфтарына ылайык ага чек коюу укуктарды токтотууга барабар.

3-параграфка ылайык, айрым структуралар сый акы толоо милдеттенмелеринен толугу менен бошотулушу мумкун.

6-дан 10-га чейинки статьяларда автордук укукка тиешеси бар айрым укуктар жонундо жоболор камтылган. Кайталап чыгарууга карата укуктарды гармонизациялоочу 7-статья 1996-жылы декабрда Европалык Союз сунуш кылган жацы директива аркылуу жоюлушу керек (бул жонундо томондо айтылат). Жаны директивада булар кыйла терен гармонизацияланган. Ошондуктан 7-статьяга бул жерде толук токтолбойбуз.

### *6-статья*

6-статьянын 1-параграфында аткаруучулардын ездорунун аткарууларын жазууга уруксаат беруу укуктарына ээ боло тургандай жоболорду иштеп чыгуу керек экендиги корсотулот. 2-параграфта телерадио уюмдарынын беруулоруне карата озгечо укуктары караштырылат. Беруунун кайсы формалары колдонулгандыгы (кабелдик, спутниктик беруу, зым байланыш же зымсыз байланыш каражаттары менен беруу) бээрде эч кандай мааниге ээ эмес. Башка телерадио уюмдарынын беруулерун жон эле кайтадан трансляциялоочу кабелдик дистрибютерлер мындай укуктарга ээ эмес (3-параграф).

### *8-статья*

Бул статья коомчулукка арналган билдируулорго, анын ичинде телерадио беруулерун© тиешелуу 1-параграфка ылайык, аткаруучулар оздорунун аткарууларын жалпыга уктурууга(маалымдоого) уруксаат беруу боюнча озгочо укуктарга ээ. Зым байланыш каражатынын жардамы менен телерадио беруулору атайлап аталып, ага да озгечо укуктар берилет. Бирок зымсыз байланыш каражаты аркылуу телерадио беруулору жалпыга маалымдоочу беруу болуп эсептелет, ошондуктан бул женундо езунче атайын жобонун зарылчылыгы болгон эмес. Аткаруучу езгече укуктарга ээ болбойт, эгерде анын аткаруусу беруунун ичиндеги аткаруу болсо же ал жалпыга маалымдоочу эфирдик беруулерде колдонулса.

2-параграфка ылайык фонограмма жалпыга маалымдоо учун жарыяланып, бирок коммерциялык максагтарда пайдаланылган учурда мучемамлекеттер аны учун сый акы толоену караштырышы керек. Пайдалануучу, б.а. уктуруучу сый акы телеечу, аткаруучулар менен фонограмма чыгаруучулар сый акы алуучулар болуп эсептелишет. Муче-мамлекеттер, аткаруучу менен фонограмма чыгаруучулардын. ортосунда келишим болбогон учурда,

ушул сый акынын улуштерун аныктай алышат. Ошондой эле сый акы автордук укуктарды жамааттык башкаруу коому тарабынан чогултулуп, андан кийин тараптардын ортосунда белгиленген елчемдерге ылайык белуштурулушу мумкун.

3-параграфта телерадио беруу уюмдарына ездерунун беруулерун ретрансляциялоого (кайтадан трансяциялоого) уруксат беруу, ошондой эле ездерунун беруулерун коомчулук учун трансляциялоого уруксат беруу боюнча езгече укук берилет эгерде мындай трансляция коомчулук учун эркин болгон жерлерде акысыз бериле турган болсо.

***9-статья***

Бул статья белуштуруу укугуна тиешелуу. Белуштурууге карата езгече укук объекттерди, же алардын копияларын сатуу жолу менен же башкача жолдор менен коомчулук учун эркин кылууга укук иретинде аныкталган жана бул укук аткаруучуларга-ездерунун аткарууларынын жазууларына карата, фонограмма чыгаруучуларга, фильмдин биринчи жазуусун чыгаруучуларга-фильмдин туп нускасы менен кечурмелеруне карата, телерадио беруу уюмдарына-ездерунун беруулерунун жазууларына карата берилет. 2-параграфта Биримдиктин чегинде бул укук ушуну менен бутушу каралган. Бирок, статьянын 4-парафафынын жоболору колдонулуп келатат - прокат жана на-j сыя беруу укугу дале токтотула элек. Белуштурууге карата укук башкага еткерулуп берилиши же тапшырылышы мумкун-бул болсо лицензиялык ке-' лишим аркылуу ишке ашырылышы керек (4-параграф).

Бул жобо такташтырууну талап кылат. Белуштурууге карата укук жеке укук болуп эсептелет, ошондуктан ар бир жеке укук сыяктуу бул дагы баш-[ кага еткерулушу мумкун.

***10-статья***

10-статья боюнча муче-мамлекеттер 6-дан 9-га чейинки статьяларда аталган укуктарга карата-атап айтканда жекече пайдалануупарга, кунумдук окуялар женунде репортажга байланыштуу кыскача узундулерду колдонууга, телерадиоберуу уюмдарынын ездерунун жекече беруулеру учун эфемердик жазууларына же окутуу жана илимий изилдее максаттары учун гана колдонууга байланыштуу айрым чектеелерду караштыра алат. (1-параграф). Буга кошумча иретинде автордук укук боюнча мыйзамдарга ылайык колдонулуучу башка чектеелер да болушу ыктымал (2-параграф).

11-жана 12-статьялар 93/98/ЕЕС директивасы аркылуу жокко чыга-| рылган коргоо моенеттеруне тиешелуу, бул болсо коргоо меенетгорун кыйла терец гармонизациялоого алып келди.

***13-статья***

Бул жобо ете татаал етме жобо болуп эсептелет, ал муче-мамлекетгерге жацы тузулген укуктарды колдонууга мумкунчулук берет (прокатка беруу жана насыя беруу укугу), алар ошондой эле директивага киргизилген сый акы

женундегу пунктту да колдоно алышат, анткени ал жаны мыйзам кучуне киргенге чейин жана ал кучуне киргизилип жаткан мезгилдин ичинде айрым учурларда колдонулуп келген.

14-статьяда азыркы автордук укуктардын директивада каралган чектеш укуктарга залал келтирбестиги такталган. 15- жана 16-статьялар жыйынтыктоочу жоболордон турат.

***3. Кецештин автордук укук менен спутниктик берууго жана кабелдик ретрансляцияга карата колдонулуучу автордук укуктарга тиешелуу айрым жоболорду координациялоо боюнча 1993-жылдын 27-сентябрындагы 93/S3/EEC дцрективасы***

93/83/ЕЕС директивасы езунче аудиовизуалдык тармакты тузуу боюнча Европалык Союздун андан аркы иш-чараларынан турат. "Кек отчет" деп аталган 1984-жылдагы "Чек арасыз телевидение" деген маселе ушундай тармакты тузуу женундегу маселени коюу зарылчылыгын пайда кылды.

Директивада спутниктик беруулер менен кабелдик ретрансляция боюнча езгече укуктар гармониялашкан. Гармонизациялоонун эц башкы себеби спутниктик берууну (6-баяндоо) кабелдик ретрансляциялоо боюнча улуттук жоболордун бири-бирине дал келбегендиги, спутниктик беруу кайсы елкедон жургузулсе ал ошол елкенун автордук-укуктук мыйзамдарына ылайык каралышы керекпи же ал беруу кабыл алынган елконун мыйзамдарына ылайык каралышы керекпи деген укуктук жактан дал келбеген маселелер болгон.

## *Жекече статьялар:*

### *1-статья*

Бул статьяда бир топ аныктамалар камтылат. 2 (б)-параграфта жалпыга маалымдоо актысы бир муче-мамлекетте спутник аркылуу ишке ашырылгандыгына басым жасалат, эгерде программалар спутниктен кайтадан жерге узгултуксуз байланыш коммуникациям аркылуу берилсе. Ошентип, директивада трансляциялоочу елке каралган. Мисалы, Германиянын программа беруучу уюмдары спутниктик беруулерду германиялык станция аркылуу буткул Европа Союзу учун жургузет, ал эми мындай беруу Парижде башталган, ошондуктан бул жерде жалпыга маалымдоо Парижде жургузулобу же жокпу деген автордук укукка байланыштуу талаш маселе келип чыккан. Бул женунде укуктар Францияда гана иштейт. Ошондуктан лицензиялар ошол жерден берилиши керек.

(Д) пунктунда жалпыга маалымдоону спутник аркылуу Биримдиктин мучесу болбогон мамлекетте жургузуу каралган. Бул жобонун максаты коргоону камсыз кылуу жана Биримдиктин мучесу болбогон мамлекетте автордук укукту коргоонун денгели темен болгондугун пайдаланып, киреше алуу максатындагы "четтеелорге" жол бербее болуп саналат.

2-ден 7-ге чейинки статьяларда(2-болум) профаммаларды спутник боюнча беруу каралган.

***2-статья***

2-статьяга ылайык авторлор оздорунун чыгармаларын жалпыга маалымдоого уруксат беруу боюнча взгоче укуктарга ээ.

***3-статья***

3-статьяда 2-статьяда каралган взгече укуктарды беруунун жолдору ка-1 ралган. Укук макулдашууга кол коюлганда, б.а. мыйзамдуу лицензия алганда I гана берилет (анда сый акы телве каралат). Трансляция жургузулген олке| жонундв жобо директивага ылайык колдонулат жана анда лицензия тузуу ка-1 раштырылган. Башкача айтканда трансляциялоо лицензиялык келишим тузууну караштырган муче- мамлекетте гана жургузулет.

2-параграфта сый акы чогултуучу жана алар менен келишим тузуучу ведомствого тиешелуу айрым жоболор камтылган. Ушуга ылайык скандинавиялык улгуде тузулген жамааттык макулдашуулар колдонулушу мумкун. Бирок аларды кинематографиялык чыгармаларга карата колдонууга мумкун эмес (3-1 параграф).

***4-статья***

4-статьяда директивага аткаруучулар, фонограмма чыгаруучулар, теле-| радиоберуу уюмдары киргизилген. Бул укук ээлери жалпыга маалымдоону спутник аркылуу жургузуу боюнча езгочо укуктарга ээ, анткени алардын укуктары 92/100/ЕЕС директивасы менен корголот. Ошентип, мисалы, аткарууч̵у озунун аткаруусун трансляциялоого алдын ала уруксат бериши керек.

5-статья боюнча чектеш укуктарды коргоо колдонулуп жаткан автор-' дук-укуктук коргоого залал келтирбейт. Мучо-мамлекет чектеш укуктардын ээлери учун 92/100/ЕЕС директивасынын 8-статьясында каралган коргоону 6-статьяга ылайык караштыра алат (жалпыга малымдоо боюнча жобого карата).

7-статьяда убактылуу жоболор каралган.

8-ден 12-ге чейинки статьяларда кабелдик ретрансляция каралган.

***8-статья***

8-статьяда, эгерде бир мучо-мамлекетке башка мучо-мамлекетгин программалары кабель боюнча бериле турган болсо, бул мучо-мамлекеттер ретрансляциялоону укук ээлери менен кабелдик байланыштын операторлорунун ортосунда жамааттык же жекече келишимдердин негизинде камсыз кылууга милдеттендирилет.

***9-статья***

Бул статьяда кабелдик ретрансляциялоо укугу сый акыны чогултуп, белуштуруучу ведомство тарабынан гана караштырылышы мумкун деп корсетулот (1-параграф). Бул ведомствонун милдетине оздорунун кабелдик

трансляцияга карата укуктарын алып сатарлардын пайдалануусуна бегот коюу кирет,б.а. аларга кабелдик трансляциялоого мумкунчулук бербев ушул ведомствонун милдети болуп эсептелет. Ошондой эле бул ведомстволор кабель боюнча операторлор менен аларга кабелдик ретрансляциялоого кыйынчылыксыз эле укук бере турган келишим тузушу керек (ьщгайлуу шарттар боюнча).

***10-статьи***

10-статьяда уктуруучу уюмдар жонундо атайын жоболор каралган. 9-статья уктуруучу уюмдарга карата колдонулбайт, анткени уктуруучу органдар сый акы жыйноочу ведомствонун милдетин аткарбайт. Кабелдик ретрансляцияга карата ез укуктарын алар оздору ишке ашыраг. Бул жобо уктуруучу уюмдардын укуктары менен ушул уюмдарга автордук жана чектеш укуктардын ээлери берген укуктарга карата колдонулат.

***11-статья***

11-статьяга ылайык, мучо-мамлекетгер, эгерде кабелдик ретрансляциялоо боюнча келишим тузулбеген болсо, ортомчуларды пайдалануу жолжоболорун караштыра алышат.

***12-статья***

12-статьяда, 11-статьядагыдай эле, кабелдик ретрансляциялоого карата макулдашуу тузуу караштырылган. Мамлекет-катышуучулар укук беруу женундо суйлешуулордун коопсуздугу менен алардын мыйзамдуулугун мыйзамга ылайык камсыз кылышы зарыл. Ал ишмердиктин баарын озуно монополиялап алды деп куноелонбошу зарыл. Бирок бул сезсуз турдо келишим тузулушу керек дегенди билдирбейт. Эгерде тараптар макулдашкан чечимге келе алышпаса кабелдик ретрансляция учун орун болбой калат.

13-статьяда мучо-мамлекеттер сый акыны жыйнап, болуштуруу маселеси боюнча иш жургузгон ведомстволордун ишмердигин жонго салышы керек экендиги каралган. 14-жана 15-статьяларда жыйынтыктоочу жоболор камтылган.

***4. Кецештин автордук укук менен айрым чектеш укуктардын моонотторун гармонизациялоо жонундо 1993-жылдын 29-октябрындагы 93/98/ЕЕС директивасы***

Коргоо моонотторун гармонизациялоо жонундо директива Европа Союзунун башка директивалары сыяктуу эле маанилуу болуп эсептелет жана анын башка жоболору талкуулана турган чекте турат. Бул жерде автордук жана айрым чектеш укуктарды коргоо моонотторун гармонизациялоо маселеси каралган. Буларды гармонизациялоо маселеси мучо-мамлекеттердин укуктарды коргоо моонотторунун ортосундагы болгон айрымачылыктардын негизинде келип чыккан.

Берн Конвенциясы авторлорго укугун коргоо моонотун алардын бут омуруне жана алар дуйнеден кайткандан кийин дагы элуу жылга берет(Берн Конвенциясынын 7-статьясы, 1-параграф). Бирок бул минималдуу моенет болуп эсептелет; Европа Союзунун олколору коргоо моонетун дагы узагыраак караштырышы мумкун (Берн Конвенциясынын 7-статьясы, 6-параграф). Европа Союзунун олколеру бул укукту оздерунде колдонуп жатышат.

Европа Союзу ошондой эле чыгармалардын айрым турлоруно, б.а. кинематография чыгармаларына, Берн Конвенциясынын жоболоруна ылайык жамааттык чыгармаларга карата атайын коргоо моонотгерун колдонуу боюнча макулдашкан.

Директива ошондой эле айрым чектеш укуктарга карата да колдонулат. Ушуга байланыштуу Рим Конвенциясынын 14-статьясында тиешелуу жоболор камтылган

## *Жекече статъялар:*

### *1-статья*

1-статьяда автордук укуктун моонеттору каралган. Автордук укукту коргоо меонету автордун буткул омурун камтыйт жана ал каза болгондон кийин дагы 70 жылга созулат. 2-ден 6-га чейинки параграфтар авторлордун тобу тузгон айрым чыгармалар, автору аталбаган же лакап ат менен чыгарылган чыгармалар же болуктеру айрым-айрым болуп чыгарылган чыгармалар женундо кошумча жоболордон турат (5-параграф). 4-параграфта ар бир мучо-мамлекет авторлор жамааты тузген чыгармаларга карата (Италияда, Испанияда, Португалияда, Францияда болгондой) же укук ээси болуп эсептелбеген юридикалык тараптарга карата атайын жоболорду иштеп чыгышы мумкун экендиги каралган.

### *2-статья*

2-статьянын 1-параграфында башкы директор кинематографиялык же аудиовизуалдык чыгарманын автору болушу керек экендиги каралган. Бирок, 1-параграфта бул так кесе талап кылынбайт. 2-параграфка ылайык, аудиовизуалдык же кинематографиялык чыгармаларды коргоо моонотун башкы директор каза болгон кундон кийин сезсуз эле 70 жылга белгилоо кажет эмес, бирок анын ордуна чыгарманы тузууго катышкан темондо аталган адамдардын: башкы директордун, сценарийдин авторунун, диалогдун авторунун, композигордун кимиси эц акыркы болуп каза болсо 70 жылдык коргоо дал ошондон кийин берилиши каралган.

### *3-статья*

3-статьяда томондогу чектеш укуктарды колдонуунун мооноттору: аткаруучулардын, фонограмма чыгаруучулардын укуктарынын, фильмдин биринчи жазуусун чыгаргандардын укуктарынын жана уктуруучу уюмдардын укуктарынын коргоо моонетгеру каралат. Укуктардын ар бир учурдагы колдону-

луу меенету 70 жылды тузет. Мееsettтун башталышы ар бир учурга жараша озунчв такталат жана ар бир учур так баяндалат.

*4-статья*

4-статья мурда жарыяланбаган чыгармаларды автордук-укуктук коргоо меенету буткенден кийин атайын жарыялаган учурлар женундегу жоболордон турат. Мындай чыгарманы жарыялаган адамдын укугу 25 жылдык меенетко корголот. Андай адам автор пайдалануучу укук сыяктуу укуктан пайдаланууга укуктуу.

*5-статья*

5-статьяда айрым учурлар каралат, алар боюнча муче-мамлекеттер коомдук байлык болуп саналган адабий сын чыгармалар менен илимий эмгектерди коргоо учун максималдуу 30 жылдык моенотту караштыра алышат.

*6-статья*

6-статьяда фотографиялык суреттерду коргоо боюнча жоболор караштырылган. Бул жоболордо коргоого алууга татыктуу фотографиялык суреттер кандай болушу керек экендиги женундо айрым учурлар берилген. Анын негизги шарты-анын туп нуска болушунда жана ал автордун жекече жараткан чыгармасы болушу керек, атап айтканда керком чыгарманын бир туру болушу зарыл, (композиция, портрет ж.б.). Бул талаптар автордук-укуктук коргоону алуунун шарттарына туура келет жана мындай талаптарга жооп берген фотографиялык суротторго директиванын 1-статьясына ылайык чыгарма катары коргоо берилет.

Муче-мамлекеттер ошондой эле чыгармага мунездуу езгечелуктору жок башка фотографиялык суротторго да коргоо бериши мумкун (6-ст.). Германияда коргоонун ушундай туру караштырылган (коргоо моонету 50 жылды тузет, анткени директивада "башка фотографиялык" чыгармаларга коргоо бсруу жагын чечуу муче-мамлекегтин озуно калтырылган жана анда коргоо мееноту каралган эмес).

*7-статья*

7-статьяда чыгарманын жаралган жери учунчу елке болгон жана автору Биримдиктин гражданы болбогон чыгармалар женундегу жоболор камтылган. Мындай учурда коргоонун моонету чыгарма жаралган елкеде ага берилген мееnettон мурда же кийин бутпешу керек.

8- жана 9-статьяларда коргоонун меенету ар бир объект учун езунче берилиши каралган жана муче-мамлекеттер авторлордун мулктук эмес жеке укуктарын башкарууну ишке ашыра ала тургандыгы женундегу жобо камтылган.

10-14-статьялар убактылуу жана жыйынтыктоочу жоболордон турат (эскирген, мурдагы директиваларда жоюлушу каралган статьялар да камтылган).

### *5. Европа Парламенты мечен Кецештин маалыматтар базасын укуктук коргоо боюнча 1996-жылдын 11-мартындагы 96/9/ЕС директивасы*

Комиссия маалыматтар базасын укуктук коргоо боюнча директивага 1992-жылы 29-январда сунуш жиберген. Кенеш директиваны 1996-жылы 11-мартта кабыл алган. Бул директивада маалыматтар базасын коргоо каралат.

- 2-белумде маалыматтар базасын автордук-укуктук коргоо каралган. Анткени аларды тандоо жана мазмунун иштеп чыгуу автордун интеллектуалдык эмгегинин жыйынтыгы болуп эсептелет.
- 3-белумде маалыматтарды чогултуп маалыматтар базасын тузген адамдын сый акы алуу жана чогулган маалыматтарды пайдалануу боюнча монополиялуу укугу каралган.

Маалыматтар базасын автордук-укуктук коргоо анча орчундуу озгеруулерге кабылган жок. Берн Конвенциясынын 2-статьясынын 5-параграфында адабий жана корком чыгармалардын жыйынтыктарын коргоого алуу каралган. Анткени аларды тандоо жана мазмунун иштеп чыгуу интеллектуалдык чыгармачылыктын жыйынтыгы болуп эсептелет. TRIPS Макулдашуусунун Ю-статьясынын 2-параграфында маалыматтар жыйнактарына же башка материалдарга коргоо берилет. Анткени аларды тандоо жана алардын мазмунун иштеп чыгуу интеллектуалдык чыгармачылыктын жыйындысы болуп эсептелет. Эгерде маалыматтар базасынын мазмуну жеке чыгармалардан же башка материалдардан тузулсо аларга баардык учурларда коргоо каралбайт. Буга карата башка укуктар каралган. Маалыматтар базасын автордук-укуктук коргоо жонундо директиванын 2-белумундо колдонулуп жаткан укуктук коргоого кандайдыр бир орчундуу жанылыктарды киргизуу каралган эмес.

Ошондой болсо да 3-белумде каралган коргоо салыштырмалуу турде жаны болуп эсептелет. Ал маалыматтар базасын тузууге, текшерууге, мазмунун иштеп чыгууга кеткен инвестицияларды коргоого арналган. Демейде, фактыларды, актыларды, телефон номерлерди чогултуу, тесттердин жыйынтыктары коргоого алынбайт, себеби алар интеллектуалдык чыгарма болуп эсептелбейт. Коргоонун бул чектелген масштабы маалыматтардын глобалдык агымында коргоону гармонизациялоого кызмат кылат.

## *Жекече статьялар жонундо:*

### *1- жана 2-статьялар*

1- 2-статьяларда директивалардын масштабдары женунде жалпы жоболор берилген. Директиванын 1-статьясынын 1-параграфында маалыматтар базасынын баардык формаларына коргоо укугу берилет, б.а. анын электрондук формасынан башка формаларына да берилет. 2-параграфта "маалыматтар базасы" терминине аныктама берилген. Бул аныктамага ылайык, маалыматтар базасы - бул езунче чыгармалардын жыйнагы, методикалык ыкма менен

системага салынып, иштелип чыккан, электрондук жана башка каражаттар менен эркин алууга оной маалыматтар же башка материалдар.

*3- 6-статьялар*

3-6-статьяларда маалыматтар базасын автордук-укуктук коргоо каралган.

3-статьянын 1-параграфында Берн Конвенциясы менен TRIPS Макулдашуусунун жогоруда аталган жоболоруна ылайык коргоонун шарттары каралган, анткени маалыматтар базасын тандоо, мазмунун иштеп чыгуу автордун жеке интеллектуалдык чыгармачылык эмгеги болуп эсептелет. 2-параграфта укуктук коргоо маалыматтар базасынын мазмунуна карата колдонулбай тургандыгы жана ушуга байланыштуу башка колдонулуп жаткан укуктарга таасир бербей тургандыгы керсегулген.

4-статьяда ким автор болуп эсептеле тургандыгы корсотулген. Бул жобого ылайык автор болуп маалыматтар базасын тузгон жеке адам же адамдардын тобу эсептелет. Эгерде муче-мамлекетгердиН мыйзамдарында жол берилсе юридикалык тарап да автор болуп эсептелиши мумкун. Эгерде Маалыматтар базасы кызматкер тарабынан тузулсе, жана ага алгачкы автордук укукту беруу мучо-мамлекеттин улутгук мыйзамында каралса, акыркы аталган жобо ушул мамлекеттерге арналат (Улуу Британия, Ирландия, Нидерланд).

5-статьяда автордун езгече укуктары аныкталган: (а) пунктуна ылайык езгече укук ар кандай ыкма менен ар кандай формада, толук же жарым-жартылай, убактылуу же туруктуу турде кайталап чыгаруу укугун камтыйт. Атап айтканда, кайталап чыгаруу боюнча ар тараптуу укугу менен электрондук беруунун учурунда ишке ашырылган коп жолку кайталап чыгаруу фактысына карата автор озунун чыгармасынын кандай пайдаланылып жаткандыгын кеп жагынан коземелге алуу мумкунчулугуно ээ болот;

(б) пункту которууга жана иштеп чыгууга (кайрадан иштеп чыгууга тиешелуу); (е) пункту бул жобону толуктап, авторго буларга карата езгвчо укуктарды ыйгарат;

(с) пунктунда авторго таркатуу боюнча езгече укуктар берилип, ошол эле учурда укуктарды токтотуу женге салынат. Биримдиктин чегинде укуктарды токтотуу маалыматтар базасынын кечурмосун биринчи жолу укук ээсинин езу сатканда же ал анын макулдугу менен сатылганда колдонулат. Укуктарды токтотуу жол-жобосу товардык белгилер женунде мыйзамдарда жана башка тармактар боюнча мыйзамдарда колдонулат;

(д) пунктунда бут баарына маалымдоого карата езгече укуктар камтылган.

6-статьяда айырмалоолор менен чектеелор женунде айтылат. 1-параграфка ылайык маалыматтар базасын мыйзамдуу турде пайдаланган адамга, б.а. лицензия алган же мыйзамда белгиленген чекте аракеттенген адамга, эгерде ал 5-статьяда аталгандарга ылайык аракеттенсе, айрым учурларда автордун уруксаты талап этилет. Бул жобо, эгерде маалыматтар базасын пайдалануу максатында зарыл болсо жана алардын мазмунун кадыресе туура пайдалануу учун керек болгондо пайдаланылат.

2-параграф муче-мамлекеттерге озгочо укуктарга чек коюуга укук берет. Бул жобо электрондук эмес маалымагтар базасын окуу максаттары учун же илимий изилдео иштеринде колдонуу учун ез кызыкчылыгында кебойтуп чыгарууга карата ((а) пункту) жана коммерциялык максатта эмес чектелген санда чыгаруу учун ((б) пункту), ошондой эле административдик же юридикалык жол-жоболор учун ((с) пункту) колдонулат. Ал эми (д) пунктунда улуттук мыйзамдарда каралган чектевлерду андан ары колдонуу каралган.

3-параграфтын жоболору колдонууга жараксыз болгондуктан, ал чектоолор жана айырмалоолор боюнча укук ээлеринин кызыкчылыктарына каршы келип кылышы ыктымал. Бул параграф эл аралык конвенциялар учун (уч денгелдеги тесттер; Берн Конвенциясынын 2-параграфы, 9-статья; TRIPS Макулдашуусу, 13-статья) каралышы мумкун.

7- ***11-статьялар***

7-статьянын 1-параграфына ылайык мучо-мамлекеттер маалыматтар базасынан чыгарып алууга же аны толук же жарым-жартылай ашыкча пайдаланууга жол бербоо максатында маалымат базасын чыгаруучулар учун укук-: тарды караштырышат. Анын шарты болуп маалымат базасын чыгаруучу маалыматтарды жыйноого, алууга, мазмунун иштеп чыгууга чон елчомдогу инвестиция чегеруу фактысы эсептелет. "Чон елчомдогу инвестиция" акчанын олчому менен аныкталышы мумкун (уегерилген акчанын чон суммасы) же1 сапаты менен аныкталышы мумкун (чон елчомдогу инвестиция убактылуу! моонотко жана айрым иш-аракеттерге чегерилсе). Эгерде маалымат базасы-[ нын анча-мынча белугу башка ушундай маалымат базасынан алынса же кайталап пайдаланылса коргоо укуктарын колдонууга болбойт. Бирок озгочо укуктар менен камтылган маалымат базасынан болуп алып пайдалануу же| аны кайталап кеп жолу пайдалануу маалымат базасын туура пайдалануугаЕ каршы келсе же ал аны чыгарган адамдын мыйзамдуу кызыкчылыгына залал[ келтире турган болсо, буларга 5-параграфка ылайык тыюу салынат.

2-параграфта "алып пайдалануу" жана "кайталап пайдалануу" термин-f дери аныкталат, ошондой эле мамлекеттик насыя алуу, б.а. китепканалардын насыя алуусу ушул каралып жаткан учурларга туура келбестиги такталат. Алып пайдалануу маалымат базасынын мазмунун башка тузулушке убактылуу же туруктуу, толугу бойдон же жарым-жартылай которуу. Кайталап колдонуу! кечурмелерду интерактивдик режимде же беруунун башка формасы менен жалдап колдонуу болуп эсептелет. Мындан белек кечурме биринчи жолу са-| тылган учурда бул жободо укуктарды Биримдиктин чегинде токтотуу караштырылат.

4-параграфта маалымат базасы автордук же башка укуктар менен толук же жекече корголооруна же корголбостугуна карабастан анын корголушу ка-[ ралган. Ушунун негизинде укуктардын кепчулугу башка укуктар менен катар эле "жашай" бериши мумкун.

8-статья маалымат базасын пайдалануучунун укуктары жана милдеттери менен байланышкан. Бул жободо маалымат базасын чыгаруучу пайдалануучу-1 нун кандай максатта болбосун андан алып пайдалануусуна же маалымат база! сынын болукторун кайталап пайдалануусуна тыюу сала албайт. Пайдалануучд

маалымат базасын кадЫресе туура пайдаланууга карама-каршы келген же маалымат базасын чыгаруучунун мыйзамдуу кызыкчылыктарына залал келтирген иш-аракеттерди жасай албайт. 8-статьяда ал ар бир учурда ар дайым "мыйзамдуу" пайдалануучу болуп керсетулет. Мунун езу пайдалануучу аны легитимдуу келишимдик чекте пайдаланып жаткандыгын билдирет.

9-статьяда мучо-мамлекеттерге маалымат базасын чыгаруучунун езгече укуктарына айрым чек коюуларды караштырууга же болсо, аларды сактап калууга мумкунчулук берилет. Мындай учурда электрондук эмес маалымат базасынын мазмунунун негизги белугу жеке максаттарда, ал эми электрондук жана электрондук эмес маалымат базасынын мазмунунун негизги белугу окутуу же илимий изилдее иштери учун колдонулушу мумкун, бирок бул коммерциялык кызыкчылыктарга таасир тийгизет. Бул жобо ошондой эле мамлекеттин коопсуздук кызыкчылыктарына же административдик, юридикалык жол-жоболорго таасир тийгизуучу учурларга карата колдонулат. Бул жобо чектеелерге карата колдонулганда маалымат базасын чыгаруучунун укуктарып коргоо маселелери боюнча жана мамлекеттин маалыматтарды эркин алуу маселеси боюнча кызыкчылыктарынын ортосундагы тен салмактуулукту камсыз кылат.

10-статья коргоонун меенеттеруне байланышкан, алар демейде 15 жылдан турат. Эгерде коргоонун объектиси болгон маалыматгар базасы кыйла взгеруулерге дуушар болуп, ал жаны инвестицияларды талап кыла турган болсо, жаны маалымат базасы тузулуп, ал ез кезегинде 15 жылга корголот (10-статья, 3-параграф).

11-статьяда укук ээси ким боло тургандыгы женундегу маселе, ошондой эле коргоо укугу Европа Союзунан тышкары жерде колдонулбай тургандыгы каралган. Бул ете маанилуу болуп эсептелет. Укук ээлери (beneficiary) - булар жасап чыгаруучулар, мучо-мамлекеттин чегинде туруктуу жашагандар, ошондой эле Биримдиктин чегинде борбордук жетекчилиги же туруктуу жайгашкан жери бар компаниялар болуп эсептелишет.

### *12-17-статьялар*

12-17-статьялар бир топ етме жана жыйынтыктоочу жоболордон турат. 13-статьяда башка укуктар, мисалы, патентке же товардык белгиге карата укуктар ордунда калтырылган, б.а. алар колдонулуп жатат. 14-статьяда 1998-жылдын 1-январына чейин иштелип чыккан маалыматтар базасына тиешелуу етме жоболор берилет.

### *6. Автордун киреше алуу учун озунун чыгармасынын туп нускасын кайталап сатуу боюнча укуктарына карата Европалык Парламент менен Директивалык Кецешке берилген озгвртулгвн сунуштар*

Кайталап сатуу укугу - бул керкем чыгарманын авторунун анын туп нускасын биринчи жолу саткандан кийин аны кайталап сатып, андан тушкен суммадан проценттик киреше алуу укугу.

Кайталап сатуу укугу авторго езунун керкем чыгармасынын баасы канчалык жогорулагандыгына карабастан проценттик сый акы алуу укугун кам-

сыз кылат. Бааны кетеруудон соодагерлер гана киреше албастан автордун езу да киреше алышы керек.

Мисалы, мамлекет-катышуучулардын мыйзамдарынын кепчулугу бирибиринен айырмаланып турат, алсак Европада тузулген искусство чыгармаларынын кепчулугу учун, Лондондо тузулген чыгармалар учун тузулген мыйзамдар. Улуу Британиянын мыйзамдарында кайталап сатуу укугу каралган эмес. Ал жерде кайталап сатуудан алынган кирешеден улуш толонбойт. Бул маселе Британиялык суреткердин коркем чыгармалары муче-мамлекеттин аймагында сатылса, аларды ошол суроткерлер кайталап сатууга укуктуу жана аларга кайталап сатуудан проценттик киреше алышына жол берилиши керек да, алардын кызыкчылыктары жергиликтуу суреткерлердикинен кем сакталбашы керек.

Европа парламенти буга карата арыз берди. "взгортулген сунуш" (бул сунуш эскергмелер эске алынып, мыйзамдык жол-жоболор агкарылгандан кийин Комиссия тарабынан берилген) кийинки президентгик меенеттун ичинде каралышы керек. Директивалардын баары кийинки жылдын ичинде кучуне кириши мумкун.

7. ***Маалымат коомундагы автордук жана чектеш укуктардын айрым аспектилерин гармонизациялоо боюнча Европалык Парламент менен Директивалык Кецеш учун сунуштар***

Мен автордук укук тармагындагы директивага берилген акыркы сунушка кайрылгым келет, атап айтканда Маалымат коомундагы автордук жана чектеш укуктардын айрым аспектилерин гармонизациялоо боюнча Европалык Парламенттин планына кайрылгым келет. Европалык Комиссия бул сунушту 1997-жылы 10-декабрда берген. Ал 1998-жылы жумушчу тобунун адистеринин Кенешинде талкууланган, анткени бул сунуш улуттук денгелде да, Европалык денгелде да езгече маанилуу болуп эсептелет.

Сунуштун максаты - ИМБДУнун Келишимдерин еркундетуу болуп эсептелет (ИМБДУнун автордук укук боюнча Келишими, ИМБДУнун аткаруулар жана фонограммалар боюнча Келишими). Мындан белек айрым укуктар менен чектеелорду колдонуу боюнча макулдашуу керек. Муну андан ары талкуулоонун жыйынтыгын божомолдоо кыйын. Бирок, Европа парламентинин арызы бериле элек. Ошондой болсо да директивалар 1999-жылы кучуне кириши мумкун.

## *Сунуш этилген токтомдор:*

### *1-статья*

1-статья директиваларды колдонуунун масштабдарын керсотууго ар-1 налган. 1-параграфка ылайык, атап айтканда автордук жана чектеш укуктардын ички рыногунун чегинде колдонулушуна тиешелуу директиваларда Маа-1 лымат коомуна езгече маани берилет. Бул кайсы бир денгелде жалпы бил-| дируу болуп эсептелет жана ал айрым жонго сапуучу мунезго ээ эмес. Бирок бул статьяда маалымат коомун тузуучу технологиялык керсотмелор автордук

укуктар женундегу мыйзамдарды озгертуу зарылчылыгын пайда кылары тушундурулет.

Ушул директивадагы жоболор менен Европалык Биримдикте колдонулум жаткан мыйзамдардын ортосундагы мамилелерди женге салууга же жок эле дегенде тактоого арналган I-статьянын 2-параграфы чон мааниге ээ.

Директиванын ЭЭМдин профаммаларын укуктук коргоо боюнча статьясында убактылуу кайталап чыгаруу укук ээсинин езгече укугун камтый тургандыгы керсетулген. Директиванын компьютердик программаларды укуктук коргоо боюнча 5-6-статьяларында айрым айырмалоолорго жол берилет. 5-статьянын 1-парафафында бир жагынан убактылуу кайталап чыгаруу актыларына ©згоче укуктарды бербее жактары каралган. Бул жоболор бири-бирине карама-каршы. Муну талкуулоодо Комиссия ага альтернативалуу 1-статьянын 2-параграфын берууге макулдук берген. Укуктарды женго салуу авгордук укук тармагында болгон директивалар жаны директиваларга таасир бербегендей, башкача айтканда аларга артыкчылык берилбегендей жургузулушу керек.

### *2-статьи*

2-статьяда кайталап чыгаруу укугу каралган. Мурда авторлордун компьютердик программалар менен маалымат базасына тиешелуу кайталап чыгаРУУ укуктарын гана гармонизациялоо керек болсо, эми аларга кайталап чыгарууга уруксат беруу боюнча езгече укуктар берилиши керек. Мындан белек, аткаруучуларга, фонограмма чыгаруучуларга, фильмдин биринчи жазуусун чыгаргандарга жана уктурууч ‍у органдарга кайталап чыгаруу боюнча езгече укуктар берилиши керек. Биримдиктин мыйзамдарында ушул укук ээлерине езгече укуктар берилген.

Ошол эле учурда насыя алуу жана прокат боюнча директиванын 7-статьясы жалпы жонунан берилип, маалыматтык чейре эске алынбагандыктан жокко чыгарылган.

Жободо кайталап чыгаруу укугуна аныктама берилген . Кайталап чыгарууга ага байланыштуу баардык иш-аракетгер, интерактивдик же башка режимдеги, кагаздагы же ун сактагычтагы, же компьютердин эске сактагычындагыны электрондук берууге байланыштуу иш-аракеттер кирет. Жободо ошондой эле убактылуу кайталап чыгаруу актысы женунде учкай айтылат.

Укуктарды женге салуу ИМБДУнун Келишимдеринен башкаларды да камтып кетет: WCT авторлорго карата гана колдонулуучу Берн Конвенциясынын 9-статьясына кайрылат (WCT, I-статья, 4-параграф); WPPTHbiH 7-статьясында аткаруучуларга кайталап чыгаруу боюнча езгече укук, эгерде ал анын ун сактагычтарга жазылган аткарууларына гана тиешелуу болгон учурларда гана берилет.

### *3-статья*

Бул 3-статьяда жалпыга маалымдоо укугу каралып, ага чыгармалар менен башка объекттерди (жалпыга маалымдоого укуктууларды) жалпыга маалымдоону эркин пайдаланууга мумкун кылуу укугу камтылып кетет.

Бул статьянын I-параграфында авторлорго ездерунун чыгармаларын зым жана зымсыз байланыш каражаттары менен жалпыга маалымдоо, анын ичинде жалпыга маалымдоону эркин пайдаланууга мумкун кылуу боюнча езгече укук берилет. Жалпыга маалымдоону эркин пайдаланууга мумкун кылуу **WCTTMH** 8-статьясына ылайык - адамдар каалаган жерден каалаган убакта аларды пайдалана алат дегенди билдирет. Бул суроо-талап боюнча интерактивдик берууго, б.а. интерактивдуу режимде берууго тиешелуу. Чыгарма жалпыга маалымдоо учун эркин деп, ал суроо-талап боюнча сунуш этилген учурда гана эсептелет. Ал эми гелерадиоберуу бул талаптарга туура келбейт, анткени ага карата суроо-талапты пайдалануу мумкунчулугу болбойт.

Токгом чыгармалардын баардык турлоруне карата колдонулаг. Зым боюнча баардыгына маалымдоо - кабель боюнча маалымдоону, демек аралыкка маалымдоону билдирет.

3-статьянын 2-параграфы \¥PPTнын 10-жана 14-статьяларынын талаптарына жооп берет. Аткаруучулар, фонограмма чыгаруучулар, фильм чыгаруучулар, уктуруучу уюмдар деп аталган чектеш укуктардын ээлери тиешелуу аткарууларды эркин алуу боюнча озгечо укуктарга ээ. Эркин алуу болуп интерактивдуу беруунун сунуштары эсептелет.

3-статьянын 2-параграфы WPPTua орун алган токтомдордон тышкары! турат; ал Биримдиктин мыйзамдарына ылайык чектеш укуктардан киреше алган бардык укук ээлерин камтыйт. Токтом жалан гана ун аткаруулары учун| колдонбостон, ИМБДУнун суйлешуулорунун журушунде Европалык Союз сунуш эткендей, аудиовизуалдык материалдарды да камтыйт.

3-статьянын 3-параграфы баяндоочу мунезго ээ. Анда жалпыга малым-1 доо материалдык формада таратуудан айырмаланып, укуктарды токтотууга[ алып келбейт.

### *4-статья*

4-статьяда таратуу укугу каралган. 1-параграфка ылайык авторлор таратуу боюнча озгечо укуктарга ээ.

4-статьянын 2-параграфында таратуу укугу каралган. Мисалга алсак, товардык белгилер боюнча же компьютердик программаларды таратуу боюнча мыйзамдарга ылайык укуктарды жалпысы менен токтотуу эрежеси колдонулат.. Эгерде туп нуска менен кочурмолер Биримдиктин чегинде биринчи жолу сатуу жолу менен ээлегендерин откоруп беруу аркылуу таратылса-таратуу укугу ушул туп нускалар менен кечурмолорго карата Биримдиктин чегинде копко созулбайт. Бул эреже талаш-тартыштын себеби болду. Укуктарды толугу менен токтотуу эережесин колдонушкан мучо-мамлекеттер сунуш этилген ушул жободон баш тартып жатышат.

Сунуштар боюнча келип чыккан маселелер токтомдорго карата чектоолордун жоктугунан келип чыккан. Кептоген мучо-мамлекеттер, анын ичинде Германия таратуу укугуна чек коюуларды караштырышкан жана алар ушул чектоелорду сактап калууга кызыкдар. Германиянын мыйзамдарына ылайык, таратуу укугу юридикалык жана административдик жол-жоболордун маселеси болгондуктан эмес, башка себептерге байланыштуу чектелет. Жумушчу тобунун Кенешинде узакка созулган талаш-тартышуудан кийин Ко-

миссия таратуу укугу жонундо токтомдорго чектеолорду киргизуу маселесин карап чыгууга жана тиешелуу сунуш киргизуугв макул болду.

***5-статья***

5-статьяда негизги сунуш берилген жана ал талаш-таргыштуу жоболордун бири болуп эсептелет. Анда кайталап чыгаруу укугу менен жалпыга маалымдоо укугуна карата чектевлер менен айырмалоолор боюнча макулдашууга жстишуу максаты коюлган. ИМБДУнун Келишимдеринде-**WCTTHH 10**-статьясы менен **WPPThhh 16**-статьясында-чектвелер боюнча токтомдорду колдонуу учун жалпы нускамалар гана каралса, ушул 5-статьянын 2-3-парагра(})тарында конкреттуу токтомдор берилген. Мучо-мамлекеттер башка айырмалоолорду караштырбай кое алат. Ошондой болсо да 5-статьянын 2-3-иарафафтарын колдонуу милдеттуу эмес. Аларда чектоолвр боюнча чечим кабыл алуу муче-мамлекеттердин оздерунв калтырылган. 5-статьянын 1-иараграфы да бир жагынан милдеттуу турдо колдонулбайт, ошондуктан мучвмамлекеттер вздврунун тиешелуу мыйзамдарын тузушу керек.

5-статьянын 1-параграфына ылайык кайталап чыгаруунун мындай актыларына озгочо кайталап чыгаруу укугу каралган эмес, анткени бул чыгарманы же автордук укуктун кайсы бир обьектисин техникалык прогресске интеграциялануучу белукко айландырууну гана коздойт, ал эми озу эч кандай экономикалык мааниге ээ болбойт. Бул жобо коптеген талаш-тартыштын объектиси болуп эсептелет.

Комиссия берген тушундурууго ылайык интерактивдик режимди(online) пайдалануунун шартгары каралган, бул шарттарда болсо "оАГ-Нпе"ден езгече укуктарды обьектини пайдаланууга тиешелуу кайталап чыгарууга карата колдонууга отуу каралат. Мисалы, Германиядан маалыматтар базасынан видеоберууну компьютерге суроо-талап боюнча Португалияга беруу аз эле дегенде ЮОге жакын кыска эфемердик актыларды сактоону, демек, ошончо эле кайталап чыгарылгандарды сактоону талап кылат. Эгерде мучомамлекеттердин укуктук абалдары бири-бириникинен айырмаланып турса (алардын кээ бирлери мындай сактоо актыларын колдоону талап кылууда), бул чыгарманын же кызмат корсетуунун мучо-мамлекетте эркин колдонулушуна Комиссиянын чечимине ылайык чек коюлушу мумкун.

Укук ээлери - фонограмма чыгаруучулар, ошондой эле авторлор жана алардын атынан иш жургузгендор - келишим же укук боюнча уруксат берилген пайдалануунун негизинде ишке ашырылуучу эфемердик кайталап чыгарууну езгечо укуктардан чыгарып салууну талап кылышууда.

ЭЭМдин программаларын укуктук коргоо боюнча директива менен маалымат базасын укуктук коргоо директивасында алардын мыйзамдуу ээлери учун атайын айырмалоолор каралат(компьютердик программаларды укуктук коргоо боюнча директиванын 5-статьясы; маалымат базасын укуктук коргоо боюнча директиванын 6-статьясы жана кайсы бир денгээлде 8-9-статьялары). Укук ээлери жогоруда аталган токтомдорго тиешелуу. Эгерде аларда эфемердик кайталап чыгарууга тыюу салына турган болсо, езубуздун абалыбыз начаралап кетет деп чочулашат алар. Бирок ал зарыл болушу мумкун. Мисалы, корголуучу мазмун тиешелуу лицензиясы жок берилсе жана

пайдалануу, алуу учун ал эркин болсо. Мындай учурларда укук ээлеринин чечимине ылайык эфемердик кайталап чыгарууга тыюу салуу мумкунчулугу да каралышы керек, башкача айтканда провайдерлик кызмат керсетуу себеби боюнча даттанууга мумкунчулук тузуу керек.

Баяндалган улгулорге ылайык, Комиссия ошондой эле 5-статьянын 1-параграфы учун ушул муноздогу чектоелор учун жоболорду иштеп чыкты. Комиссия сунушту кабыл алып жаткан учурда провайдердик кызмат корсотуучулор тарабынан жасалган кысымга жооп иретинде бул алгачкы шарт сунуштан алынып ташталды. Провайдерлер туйунге учунчу адамдар тарабынан киргизилген мыйзамсыз мазмун учун жооп бере албайбыз деп билдиришти. Бул талаштын аягы, башкача айтканда 5-статьянын 1-параграфынын кайсы жобосун Европа Союзунун Кенеши жактыраары талкууда билинет.

5-статьянын 2- параграфында кайталап чыгаруу укугу жонундо 5-статьянын 3-параграфындагы кайталап чыгаруу боюнча озгечо укуктарга жана жалпыга маалымдоо укугуна чек коюлар каралган. Муче-мамлекеттер мындай чекгоелерду пайдалана алышат, бирок милдеттуу турде эмес.

Чындыгында баардык мамлекет- катышуучулардын чектеелерге карата айрым токтомдору бар. Мисалы, Германиянын мыйзамдарына ылайык, юридикалык же административдик жол-жоболорду ишке ашырууда кайталап чыгарууга карата чектеолер бар; пресс-баяндоолорду даярдоо учун чектеелор жана эн маанилуусу-ар кандай жекече пайдаланууларга карата чектоолер бар. Чектеолер ошондой эле илимий изилдоелорге карата да колдонулат. Тизмеде сунуш этилгендер ушул чектеелерду сактап калууга мумкундук берет. 5-статьянын 2-парафафында, мисалы, жекече кайталап чыгарууга карата чектеолер сакталышы керек экендиги каралган. 5-статьянын 3-параграфы юридикалык жана административдик жол-жоболор менен байланышкан.

Бирок буга карата колдонулуп жаткан чектеелердун баарын эле гизмеге киргизууге мумкун эмес. Анткени ар бир мамлекет-катышуучу езунун улуттук мыйзамдарын, эгерде алар гармонизациялоо эрежесине туура келбеген кунде да аларды мумкун болушунча сактап калууга кызыкдар. Демек, тизмени тал-| кулоону андан ары да улантуу керек.

Кайталап чыгаруу укуктарын гармонизациялоого байланыштуу эки ма-1 селе бар.

Бир жагынан алып **Караганда** сунушта маалыматтык жактан **кейгейлуу** тармакта(ёотеп) кайталап чыгаруу менен ушул сыяктуу кейгейлуу тармак-1 тагы айырмачылыктар **бар** жана алардын **болушу** зарыл. Жаны маалыматтык **технологиялар чектеелор** боюнча жалпы **токтомдор** чыгарманы же **коргоого!** алынган аткарууну сатууда тоскоол болоорун эске алып, кечурмонун сапаты-1 на эч канчалык залал келтирбестен кечурмену каалаган санда чыгаруу! мумкунчулугун ачат.

Экинчи жагынан маалыматтык технологиялар жеке лицензияларды чыгарууга мумкун болушу учун, б.а. жекече кайталап чыгарууга карата[ чектеелорду жокко чыгаруу учун жекече кайталап чыгарууларды жок дегенде жакынкы келечекте натыйжалуу кеземелдоеге мумкунчулук берег. Европа Биримдигинде, атап айтканда Даниянын мыйзамдарында ушул багытта гана колдонулган жоболор бар.

Экинчи жагынан директивалар учун сунушка алымдар боюнча ар кандай токтомдорду гармонизациялоо кирген эмес, ал эми мучо-мамлекеттерде жекече кайталап чыгарууга байланыштуу алымдарга карата жоболор каралган. Мисалы, Германияда ун жазуулары менен видео сактагычтар, ошондой эле кайталап уктуруу учун колдонулуучу приборлор салык салынуучу объекттер болуп эсептелишет. Мучо-мамлекеттердеги жоболор ар кандай болгондуктан, бул атаандаштыкты кыйла чон озгоруулорго дуушар кылды, анткени бул гармонизациялоодо зарыл нерсе болуп эсептелет.

5-статьянын 4-параграфында уч баскычтуу тестирлее еткеруу жонундо жобо каралган. Айрым учурларда киргизилген чектоолор менен айырмалоолор укук ээлеринин кызыкчылыктарына залал келтириши мумкун, мисалы чектоолор жонундо алысты коздегон кошумча токтомдор. Бул жобо ошондой эле автордук укук тармагындагы тиешелуу эл аралык макулдашууларга киргизилген(кайтадан каралып чыккан Берн Конвенциясынын 9-статьясынын 2-параграфы; TRIPS Макулдашуусунун 13-статьясы; автордук укук жонундо ИМБДУнун Келишиминин 10-статьясынын 10-параграфы; аткаруулар жана фонограммалар жонундо ИМБДУнун Келишиминин 16-статьясынын 2-параграфы).

### *6-статья*

Директива жонундо сунуштун 6-статьясы \УСТтин 11-статьясы менен **WPPTTHH 18**-статьясынын талаптарына жооп берет. Мындан тышкары 6-статья ИМБДУнун Келишимдеринин жоболорун кыйла андан ары жылдырат. Анда технологиялык натыйжалуу коргоо чараларын жургузуудо мыйзамдуулукка коошпогон ар кандай куулуктарды болтурбоо учун корулуучу иш-чараларды откоруу каралган. Сунушка ылайык тузулушторду жасап чыгаруу же таратуу, же аткаруу боюнча кызмат корсетуулор, анын ичинде ар кандай алдоолорго жол берилбей колдонулуучу актылар камтылат. Ошондой эле даярдык иштер да камтылат. Ар кандай алдоолорго барууга мумкундук беруучу тузулушторду соодалоого тыюу салбоо керек, анткен себеби ал тузулуштор негизинен башка максаттар учун пайдаланылат. Кээ бир укук ээлери сунуш этилген жоболордогу токгомдордо алдоо максатында колдонулуучу тузулушторду соодалоо колдоого алынат деп чочулашууда, анткени аны соодалоочулар бул тузулуштор мыйзамдуу максаттарга арналган деп, актануунун жообун таап кетиши мумкун дешет алар.

Ошондой эле материалга эркин чыгуунун шарттуу системасын(РАУ-ТУ сыяктууларды) укуктук коргоого тиешелуу директивага берилген башка сунуштар Кенеш тарабынан кабыл алынышы керек.

### *7-статья*

7-статьяда **WCTTHH** 12-статьясы менен WPPTHbiH 19-статьясынын шарттарын аткаруу каралган.7-статья келишимдердеги ушул шарттарга туура келет. Демек анда укуктардын коопсуздугун коргоо максатында электрондук маалыматтарды коргоо да каралган.

### *8-статья*

